Кыргыз Республикасынын
Башкы прокуратурасы

КР Башкы прокуратурасынын
прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди
кесиптик даярдоо борбору

# Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө прокурордук көзөмөлдүн, соттук жана ведомсволук контролдун өз ара байланышы

**КОЛДОНМО**

**Бишкек 2020**

Кыргыз Республикасынын
Башкы прокуратурасы

КР Башкы прокуратурасынын
прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди
кесиптик даярдоо борбору

*Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгы тарабынан жактырылды.*

Авторлор:

**А.Ш.Шукурбеков,** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын уюштуруу иштерин камсыздоо жана ченемдик укуктук актыларды экспертизалоо башкармалыгынын улук прокурору.

**М.У.Сыдыгалиев,** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөөчүлүк кызматкерлерди кесиптик даярдоо борборунун улук прокурору.

Бул колдонмо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурордук-тергөөчү кызматкерлерди кесиптик даярдоо борборунун директору, юридика илимдеринин кандидаты ***А.Б.Молдобаевдин***, “Альянс молодежи” Коомдук фондунун катышуусунда, Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтүнүн каржылык колдоосуу менен БУУӨПнын «Кыргызстанда жазык сот адилеттиги тармагын мыйзамдын үстөмдүгү жана эл аралык стандарттарга ылайык реформалоону колдоо» долбоорунун алкагында даярдалган.

Бул колдонмонун мазмуну сөзсүз эле АКШ Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасындагы БУУӨПтүн көз карашын же позициясын чагылдырбайт.

## МАЗМУНУ


ЧЕНЕМДИК УКУКТУК БАЗА . . . . . . . . . 3

АТАЙЫН АДАБИЯТТАР . . . . . . . . . . 3

КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ . . . . . . . . . 4

КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР . . . . . . . . 4

КИРИШҮҮ . . . . . . . . . . . . . 5

1.ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛДҮН, СОТТУК ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК КОНТРОЛДУН МААНИСИ . . . . . . . . . 6

2.ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУЧУ ОРГАНДАР ТАРАБЫНАН МЫЙЗАМДАРДЫН САКТАЛЫШЫНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ . . . . . . .. . . . . . . . 7

3. СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТӨ СОТТУК КОНТРОЛ . . . . 16

4. ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУЧУ КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ВЕДОМСТВОЛУК КОНТРОЛ . 23

КОНТРОЛДУК СУРООЛОР . . . . . . . . . 27

ТАПШЫРМАЛАР . . . . . . . . . . . 28

№1 ТИРКЕМЕ . . . . . . . . . . . 29

№2 ТИРКЕМЕ . . . . . . . . . . . 39

№3 ТИРКЕМЕ . . . . . . . . . . . 49

**Ченемдик-укуктук база**

1. 2010-жылдын 27-июнундагы референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
2. 13.07.2017-жылдагы №124 “Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген, прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамы.
3. 02.02.2017-жылдагы № 20 Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы Жазык-процесстик кодекси.
4. 02.02.2017-жылдагы №19 Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси.
5. Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 24-августундагы “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө” мыйзамы.
6. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 31.07.2019-жылдагы №45 буйругу менен бекитилген "Көзөмөлдөөчү прокурор жөнүндө Жобо"
7. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 24.05.2019-жылдагы №14 «Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө» токтому.
8. Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун 13.09.2019-жылдагы №16 «Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чаралары тууралуу жазык-процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө» токтому.
9. Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин 11.01.2019-жылдагы №10 буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасыныи ИИМдин Тергөө кызматы жөнүндө Жобо».

**Атайын адабияттар**


1. Смирнов А.В., Калиновский К.Б. Уголовный процесс. СПб.: Питер, 2005. 272 б.
2. Кулбаев А.К. Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики 2017 года: новеллы. Бишкек, 2018.
3. Стандарты справедливого правосудия (международные и национальные практики) / колл. авторов; под. ред. д. ю. н. Т.Г. Морщаковой. — М., 2012.- 407-409 б.
4. Крюков В.Ф. Курс лекций по прокурорскому надзору: Учебное пособие для юридических вузов и факультетов. – Курск, 2000. – С. 27; Он же. Прокурорский надзор: Учебник для вузов. – М., 2006. – С. 32-33.
5. Колоколов Н. А. О праве, суде и правосудии: (избранное). – М: ЮНИТИ-ДАНА:, 2006. – 9 б.
6. Беляев Б.П. Сущность контроля и надзора их сходство и различия // Государство и право. – 2006. – №7. – 19 б.
7. Беляев Б.П. Сущность контроля и надзора их сходство и различия // Государство и право. – 2006. – №7. – 19 б.

## КОЛДОНМОНУН МАКСАТЫ

Прокурордук көзөмөлдү, соттук жана ведомстволук контролду уюштурууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук базада угуучуларды туура багыт алууга үйрөтүү. Угуучулар прокурордук көзөмөл жана соттук контрол түшүнүктөрүнүн өз ара байланышын жана алардын айырмачылыгын туура аныкташы керек.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Окутуп үйрөтүдөн кийин угуучулар:

- Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдардагы ыкчам издөө ишине жана тергөөгө прокурордук көзөмөлдү туура уюштурушат жана жүргүзө алышат.
- Соттук отурумда тергөө судьясы тарабынан тараптардын өтүнүчтөрүн карого катышып, тактиканы жана көзөмөлдөөчү прокурордун позициясын туура түзө алышат.

# К И Р И Ш Ү Ү

*Кыргыз Республикасында жүргүзүлүп жаткан соттук-укуктук реформа жазык-процессуалдык мыйзамдарды өркүндөтүүнүн зарылдыгын жана натыйжада, 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын жаңы Жазык-процесстик кодексинин кабыл алынышын шарттады.*

*Жаңы жазык-процесстик кодекси сотко чейинки өндүрүштүн баскычтарында адам укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону күчөтүүчү жаңы ченемдер топтомун камтыйт..*

*Акыркы мезгилде жазык процессинде контролдун (көзөмөлдүн) прокурордук, соттук жана ведомстволук түрлөрүн айкалыштыруунун муктаждыгы  келип чыкты. Бири-бирин толуктап турган көзөмөлдүн бул түрлөрү кылмыштардын бетинин ийгиликтүү ачылышына жана аларды жасаган айыпталуучулардын жоопко тартылышына гана эмес, ошондой эле жазык өндүрүшүндө катышкан бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууга ишенимдүү кепилдик бериши керек.*

*Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, ушул усулдук колдонмодо прокурордук көзөмөлдүн, соттук жана ведомстволук контролдун өз ара байланышын,  алардын айырмачылыгы эмнеде экендигин, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын иерархиясын жана көзөмөлдөөчү прокурордун, тергөө судьясынын, тергөө бөлүмүнүн башчысынын өз ара катышын аныктоо аракети жасалды.*

# 1.ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛДҮН, СОТТУК ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК КОНТРОЛДУН МААНИСИ

Мыйзамдарда белгиленген прокурордун жазык сот өндүрүш тутумундагы ролу менен орду боюнча карама каршылыктардын болушу "прокурордук көзөмөл" түшүнүгүнүн аныктамасына бирдиктүү мамиленин жоктугун шарттайт. Мыйзам тарабынан бул суроо дагы деле жоопсуз калып келет. Юридикалык адабияттарда ар кандай ыкмаларды кезиктирүүгө болот. Көбүнчө авторлор анын мазмунун так аныктоодон алыс болушат. Бул маселе боюнча биздин позициябыз көптөгөн илимпоздордун позициясы менен дал келип, өзгөрүүсүз калууда: прокурордук көзөмөл - бул бузулган укуктарды калыбына келтирүү чараларын көрүү менен мыйзамдардын бирдей аткарылышына мамлекеттик-бийликтик байкоо жүргүзүүнү түшүндүрөт[1]. Ошол эле учурда прокурор жазык сот өндүрүшүнүн негизги максатын жүзөгө ашыруунун мамлекеттик кепилдигинин ролун аткарат, бул аны жазык сот өндүрүшүнүн бардык катышуучулары тарабынан мыйзамдарды бузууну демилгелүү жана ыкчам алдын алууга милдеттендирет.

Акыркы жылдары, прокурордук көзөмөл менен ведомстволук контролдун ортосундагы байланыш окумуштуулар менен практиктердин кызуу талкуусунун предмети болууда.

Прокурордук көзөмөл ишинин негизинде ведомстволук жана соттук контролдун концепциясын бөлүп көрсөтүү жана ошону менен алардын окшоштугун жана айырмачылыктарын аныктоо зарыл.

Соттук контрол сот тарабынан жазык-процесстик мыйзамдарында каралган сот бийлигинин конституциялык иш милдеттерин жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу каражаттардын тутуму, алар жазык процессинде адам укуктарын мыйзамсыз жана негизсиз чектөөнү жокко чыгарууга, алар бузулган учурда укуктарды калыбына келтирүүгө, ошондой эле укук каражаттары менен ордун толтурууга багытталган деп түшүнүү адатка айланган.[2]

Соттук көзөмөлдүн өзгөчөлүгү, көзөмөл укуктары бузулган жазык процессинин катышуучусунун билдирүүсү менен баштагандыгы менен мүнөздөлөт.

Соттук контрол жана прокурордук көзөмөл өз ара тыгыз байланышта. Алар

---

[1] Крюков В.Ф. Курс лекций по прокурорскому надзору: Учебное пособие для юридических вузов и факультетов. – Курск, 2000. – С. 27; Он же. Прокурорский надзор: Учебник для вузов. – М., 2006. – 32-33Б.

[2] Колоколов Н. А. О праве, суде и правосудии: (избранное). – М: ЮНИТИ-ДАНА:, 2006. – 9 Б.

адам укуктарын коргоого, мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылууга кызмат кылышат, бирок муну өздөрүнүн ыкмалары менен аткарышат.

Эгерде прокурордук көзөмөлдүн негизги милдети мыйзам бузууларды аныктоо болсо, анда соттун милдети - күнөөлүүлөрдү айыптоо жана жабырлануучулардын кызыкчылыктарын коргоо менен мыйзам бузууларды мамлекеттин атынан жөнгө салуу.[3]

Ведомстволук контроль - бул тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, алгачкы текшерүү органдарынын начальнигинин аларга баш ийген тергөөчүлөрдүн жана алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын өндүрүшүндөгү жазык иштердин жана жоруктар жөнүндө иштердин тергөөсүнүн толуктугуна жана сапатына карата процесстик жетекчиликти (контролду) жүзөгө ашыруу, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын негизги укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча укуктук ишмердүүлүгү.

## 2. ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУЧУ ОРГАНДАР ТАРАБЫНАН МЫЙЗАМДАРДЫН САКТАЛЫШЫНА ПРОКУРОРДУК КӨЗӨМӨЛ

| |
|---|
| **Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 104-беренеси**<br><br>Прокуратура төмөнкүлөр өзүнө жүктөлгөн бирдиктүү системаны түзөт:<br>1) аткаруу бийлик органдарынын, ошондой эле тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана аталган органдардын кызмат адамдарынын мыйзамдарды так жана бирдей аткаруусун көзөмөлдөө;<br>**2) изин суутпай издөөнү, тергөөнү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө;**<br>3) жазык иштери боюнча соттун чечимдерин аткарууда, ошондой эле жарандардын жеке эркиндигин чектөөгө байланышкан мажбурлоо мүнөзүндөгү чараларды колдонууда мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө;<br>4) мыйзамда белгиленген учурларда сотто жарандын же мамлекеттин кызыкчылыктарына өкүлчүлүк кылуу;<br>5) сотто мамлекеттик айыптоону ишке ашыруу;<br>**6) тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына карата жазык иштерин козгоп, иштерди тиешелүү органдарга тергөөгө өткөрүп берүү, ошондой эле аскер кызматчыларынын статусуна ээ болгон адамдарды жазыктык куугунтуктоо.** |

[3] Беляев Б.П. Сущность контроля и надзора их сходство и различия // Государство и право. – 2006. – №7. – С. 19.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 33-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык **прокурор -** жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан **мыйзамдардын сакталышын көзөмөлгө алууга** ыйгарым укуктуу кызмат адамы болуп саналат.

Ушул берененин аныктамасынан, прокурор тергөө органдарына гана эмес, алгачкы текшерүү органдары, ошондой эле сотко чейинки өндүрүшкө катышкан ыкчам бөлүмчөлөр тарабынан мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүүсү керектигин түшүнсо болот.

**Сотко чейинки өндүрүш** - кылмыш жана (же) жорук жөнүндө *арыз, билдирүүлөр* кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү Реестрине катталган убакыттан баштап, прокурор тарабынан иштин материалдарын маңызы боюнча *кароо үчүн сотко жөнөткөнгө чейинки* жазык сот өндүрүшү. [4]

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 6-бер. ылайык, **жазык сот өндүрүшүнүн милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:**

1) инсанды, коомду жана мамлекетти кылмыштардан жана жоруктардан коргоо;

2) инсанды мыйзамсыз жана негизсиз айыптоодон, соттоодон, анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөдөн коргоо;

3) кылмыштарды жана жоруктарды тез жана толук териштирүү;

4) кылмыш жана жорук жасаган адамдардын бетин ачуу жана жазык жоопкерчилигине тартуу;

5) адилеттүү соттук териштирүү жана жазык мыйзамын туура колдонуу;

6) мыйзамсыз айыпталган же күнөөсү жок адам соттолгон учурда токтоосуз жана толук реабилитациялоо;

7) материалдык залалдын жана моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу.

*Кылмыштардын жана жоруктардын тергелишин көзөмөлдөөчү прокурорлор тергөөчүлөрдөн жана алгачкы текшерүү органынын кызмат адамдарынан жогорудагы максаттарды жана милдеттерди так аткарууну талап кылышы керек.*

[4]Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 5-бер. 8-п.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 33-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн прокурордун ыйгарым укуктары сотко чейинки өндүрүштүн бардык баскычтарын камтыйт.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (КЖБР) катталууга тийиш болгон арыз же билдирүү келип түшкөн учурдан тартып прокурор **төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) жасалган же даярдалып жаткан кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө билдирүүлөрдү кабыл алуунун, каттоонун жана чечүүнүн аткарылышынын мыйзамдуулугун текшерүүгө;

**Жасалган кылмыш же жорук жөнүндө арызды же кайрылууну каттоодон баш тартуу же жашырып койгондугу үчүн жазык жоопкерчилиги каралган.**[5]

| |
|---|
| ***Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинен көчүрмө:***<br>**357-берене. Жасалган кылмыш же жорук жөнүндө арызды же кайрылууну каттоодон баш тартуу же жашырып коюу**<br>1. Жасалган жорук жөнүндө арызды же кайрылууну кызмат адамынын каттоодон баш тартуусу же жашырып коюусу, -<br>эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен V категориядагы айып салууга жазаланат.<br>2. Жасалган, же болбосо даярдалып жаткан кылмыш жөнүндө арызды же кайрылууну кызмат адамынын каттоодон баш тартуусу же жашырып коюусу,<br>- эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен VI категориядагы айып салууга жазаланат.<br>3. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган олуттуу же оор зыянга алып келген жосундар, -<br>эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат. |

2) кармоонун мыйзамдуулугун текшерүүгө жана ушул Кодекстин талаптарын бузуу менен кармалган адамдарды бошотуу тууралуу токтом чыгарууга;

Ошол эле учурда, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү ал үчүн эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалышы мүмкүн болгон кылмышты, ошондой эле ушул Кодекстин 61-главасында каралган учурларда, **төмөнкү негиздердин бири болгондо** жорукту жасоодон

[5] Кыргызской Республикасынын ЖКнин 357-бер.

шектелгендиги боюнча <u>адамды кармоого укуктуу</u> экендигин прокурорлор билүүсү керек:

***1) эгерде адам кылмыш жасаганда жана (же) жорук жасаганда же ал жасалгандан кийин түздөн-түз кармалганда;***

***2) эгерде көргөндөр, анын ичинде жабырлануучу кылмышты жана (же) жорукту жасаган адам катары ал адамды түздөн-түз көрсөткөндө;***

***3) эгерде шектенүүчүдө же анын кийиминде, анын жанында же анын турак жайында кылмыштын жана (же) жоруктун даана издери табылганда.***

<u>**Кармоонун башка негиздери мыйзамсыз деп эсептелет жана ошого байланыштуу кармалган адам токтоосуз бошотулууга жатат.**</u>

Жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүш Жазык-процесстик кодексте аныкталган ырааттуулукка ылайык, төмөндөгү органдардын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлөт:

1) аскер прокуратурасы;
2) Ички иштер органдары;
3) улуттук коопсуздук органдары;
4) экономикалык кылмыштар менен күрөшүү органдары;
5) жазык-аткаруу системасынын органдары;

Жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүштүн тергөөсүнүн караштуулугу Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 153-беренесинде каралган, ал эми жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 503-беренесинде аныкталган ыйгарым укуктуу тергөө органдары жүргүзөт.

Аны менен катар эле, прокурор тергөө караштуулугуна ылайык, жазык иштерин жана (же) жоруктар жөнүндө иштерди тергөөчүгө же тергөөчүлөрдүн тобуна, өзгөчө учурларда - тергөө караштуулугуна карабастан, тергөө үчүн тапшырууга, өткөрүп берүүгө укуктуу.

<u>*Өзгөчө учурлар төмөндөгүлөр болуп саналат:*</u>

- тергөөчү ишти калыс тергөө жүргүзбөөсү;
- кызмат адамдары тарабынан карамагында турган тергөөчүгө тигил же бул чечимди кабыл алууга кысым көрсөтүүсү;
- иштин коомдук маанилүүлүгү;
- ушул иш боюнча кылмышты ачкан органдын тергөө жүргүзүүсүнүн максатка ылайыктуулугу.

Тергөө учурунда прокурор **<u>төмөнкүлөргө укуктуу:</u>**

1) жазык иши жана (же) жорук жөнүндө иш боюнча сотко чейинки өндүрүштү **<u>баштоого жана (же) алып барууга;</u>**

2) тиешелүү органдарга ишти тергөөгө өткөрүп берүү менен тизмеги "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында аныкталган адамдарга карата жазык иши жана (же) жорук жөнүндө иш боюнча **<u>шектелгендиги тууралуу кабарлама чыгарууга;</u>**

3) эгерде ошол адамдар кылмыш жасады деп шектелишсе, жазык куугунтугунан бошоткон иммунитеттен пайдаланып жүрүшкөн адамдарды ошол иммунитеттен ажыратуу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү органдарга кайрылууга;

4) тергөө судьясына бөгөт коюу чарасын колдонуу жана аны узартуу жөнүндө **<u>өтүнүч киргизүүгө</u>**;

5) алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө процесстик иш-аракеттерди жүргүзүү жөнүндө **жазуу жүзүндө көрсөтмө <u>берүүгө</u>**;

6) шектүү менен кызматташуу жөнүндө, күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө **<u>процесстик макулдашууну түзүүгө</u>** же ушундай эле өтүнүчтөрдү канааттандыруудан баш тартууга;

7) жазык ишин жана (же) жорук жөнүндө ишти **<u>кыскартууга</u>** же алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө кайтарууга;

8) жазык иши жана (же) жоруктар жөнүндө иш боюнча **<u>айыптоочу актыны бекитүүгө</u>** же болбосо жазык ишин жана (же) жоруктар жөнүндө ишти өзүнүн жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү менен алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө кайтарууга;

Жогоруда белгиленгендер менен катар, укук коргоо органдарынын тергөөчүлөрү тарабынан жүргүзүлгөн тергөө ишине **көзөмөл жүргүзүүдө прокурор төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) жазык иштерин жана (же) жоруктар жөнүндө иштердин тергелишинин мыйзамдуулугун көзөмөлгө алууну жүзөгө ашырууга, ошондой эле изин суутпай издөө ишин жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан мыйзамдардын аткарылуусуна;

2) алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынан, тергөөчүдөн сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жол берилген мыйзам бузууларды жоюуну талап кылууга;
3) алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, төмөн турган прокурордун чечимдерине жана иш-аракеттерине даттанууларды чечүүгө;
4) тергөөчүгө, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына билдирилген четтетүүнү, ошондой эле алардын өзүн өзү четтетүүсүн чечүүгө;
5) эгерде алар мыйзам бузууга жол беришсе, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамын, тергөөчүнү жана төмөн турган прокурорду ушул иш боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүгө андан ары катышуудан четтетүү тууралуу токтом чыгарууга;
6) көзөмөл жүргүзгөн прокурордун көрсөтмөлөрүнө макул болбогон алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн каршы пикирлерин карап чыгууга;
7) алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин жана төмөн турган прокурордун мыйзамсыз жана негизсиз токтомдорун жокко чыгарууга;
8) сотко чейинки өндүрүштүн мөөнөтүн узартууга же болбосо аларды узартуудан баш тартууга;
9) жабырлануучуну, күбөнү жана жазык сот өндүрүшүнө катышкан башка адамдарды коргоо чараларын колдонуу жөнүндө тапшырма берүүгө;

**Сотко чейинки өндүрүш аяктагандан кийин** прокурор укуктуу:

1) мамлекеттик айыптоочунун процесстик укуктарын колдонуп, сотто айыптоону колдоого;

2) айыпталуучуну же болбосо шектүүнү жазыктык куугунтуктоодон баш тартууга жана айыпталуучуга коюлган айыпты өзгөртүүгө;

3) Кыргыз Республикасынын ЖПКде белгиленген тартипте соттук чечимдерге даттанууга

Кылмыштарды жана жоруктарды тергөөсүнө натыйжалуу прокурордук көзөмөлдү жана сотко чейинки өндүрүшкө прокурордун толук катышуусун уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун 2019-жылдын 31-июлундагы №45 буйругу менен бекитилген “Көзөмөлдөөчү прокурор жөнүндө Жобо” иштелип чыккан (1-тиркеме).

Көзөмөлдөөчү прокурор жөнүндө Жобонун талаптары КЖБРне катталган төмөндөгү арыздарга жана (же) билдирүүлөргө карата жайылтылат:

-кызматтык кылмыштар же тизмеси "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында аныкталган (мындан ары Конституциялык мыйзам) кызмат адамдары тарабынан жасалган кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө,

- өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө,

- коомдук резонансты жараткан кылмыштар, ошондой эле прокуратуранын жетекчилигинин көрсөтмөсү боюнча кылмыштардын башка түрлөрү боюнча.

*Башкы прокурор,*

*Башкы прокурордун орун басарлары,*

*Башкы прокуратуранын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысы жана башкармалыктын бөлүмүнүн башчысы,*

*Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын, райондордун (шаарлардын) прокурорлору жана жана аларга теңештирилген прокурорлор жана алардын орун басарлары,*

баш ийген кызматкерлердин арасынан, кызматтык кылмыштар же **кызмат адамдары жасаган** кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө арыздар жана (же) маалыматтар КЖБРде катталган учурдан баштап же аталган категориядагы сотко чейинки өндүрүш иштери башка органдардан келип түшкөн учурдан баштап **24 сааттын ичинде**, ошондой эле **өзгөчө оор кылмыштардын** категориясына кирген иштер, кеңири **коомдук резонанс жараткан** иштер боюнча, ошондой эле прокуратуранын жетекчилигинин көрсөтмөсү боюнча кылмыштардын башка түрлөрү боюнча сотко чейинки өндүрүш үчүн (1-тиркеме) көзөмөл жүргүзүүнү тапшыруу менен **көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт**, тапшырманын көчүрмөсү сотко чейинки өндүрүш ишине тиркөө үчүн тергөө органынын жетекчилигине жиберилет.

Коомдук-укуктук мамилелердин айрым чөйрөлөрүндө мыйзамдуулукту көзөмөлдөө көндүмдөрүн талап кылуучу жазык иштерди тергөө учурунда, көзөмөлдөөчү прокурор прокуратуранын башка түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн кызматкерлеринин ичинен дайындалышы мүмкүн.

***Көзөмөлдөөчү прокурор сотко чейинки өндүрүш башталган учурдан баштап ал аяктаганга чейин конкреттүү жазык иши жана (же) жоруктар жөнүндө иш боюнча көзөмөлдү ишке ашырат, ошондой эле 1-инстанциядагы сотто мамлекеттик айыптоону колдойт.***

Көзөмөлдөөчү прокурордун ыйгарым укуктары көзөмөлдөөчү прокурор катары ал аныкталган сотко чейинки өндүрүш иши менен байланышкан бардык иштерге жайылтылат.

Көзөмөлдөөчү прокурор аныкталган иш боюнча, сотко чейинки өндүрүш иши бөлүнгөн учурда, мурда кошулган жазык иштер боюнча прокуратуранын жетекчиси башка көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт же ошол эле көзөмөлдөөчү прокурорго көзөмөлдү улантууну тапшырат, башка учурда көзөмөл жалпы тартипте ишке ашырылат.

Прокуратуранын жетекчиси жазык процессинин бардык стадиясында, анын ичинде тергөөнүн караштуулугу боюнча сотко чейинки өндүрүш иштерин кайра квалификациялоо, өткөрүп берүүдө, көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт.

*Областтык борбордон алыс жайгашкан райондо, ошондой эле бир нече райондордун же областардын аймагында, кылмыш жана (же) жорук жасалган же тергөө жана (же) атайын тергөө амалдарын жүргүзүү*, жүргүзүлүп жаткан тергөө оор же көлөмү чоң болгон учурда тийиштүү прокуратуранын жетекчисинин чечими боюнча Башкы прокуратуранын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын, Бишкек жана Ош шаардык, областтык, райондук, (шаардык) прокуратураларынан жана аларга теңдештирилген прокуратуралардын кызматкерлеринин ичинен *бир нече көзөмөлдөөчү прокурорлор аныкталат,* ал жөнүндө көзөмөлдөөчү прокурорлордун тобун аныктоо тууралуу тапшырма чыгарылат.

Бул учурда тийиштүү прокуратуранын жетекчиси көзөмөлдөөчү прокурорлордун ишин алардын компетенциясына же аймактуулугуна жараша өз алдынча уюштурат.

**Сотко чейинки процесстин жүрүшүндө көзөмөлдөөчү прокурор, ЖПКнин 33-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардан тышкары, төмөнкүлөргө укуктуу:**

1) Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү процесстик иш-аракетерди жүргүзүүдө, ага катышууга;

Бул учурда көзөмөлдөөчү прокурор тергөөчүгө кечи ктирилгиз тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө көрсөтмө берүүгө;

2) Тергөөчүнүн бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтөрүн карап чыгууга, эгерде алар канааттандырылса, анда тергөө судьясынын алдында бөгөт

коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнмө келтирүү үчүн өз атынан чечим кабыл алууга.

*Күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү* бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомду **көзөмөлдөөчү прокурор чыгарат:**

- **республиканын Башкы прокуратурасында** – Башкы прокурордун орун басарынын **макулдугу менен**;

- **Аскер прокуратурасында** - Башкы прокурордун орун басары – Аскер прокурорунун же анын орун басарынын **макулдугу менен**;

- **Бишкек жана Ош шаарларынын**, областтык прокуратураларда – Бишкек жана Ош шаарларынын, областтык прокурорлордун же алардын орун басарларынын **макулдугу менен**.

*Башка жакка кетпөө жөнүндө кол кат алуу, аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү, жашы жете электи ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү* түрүндө бөгөт коюу чараларын колдонууда **көзөмөлдөөчү прокурор токтомду** Башкы прокуратуранын, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын, Бишкек жана Ош шаардык, областтык прокуратуралардын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын бөлүмдөрүнүн башчыларынын макулдугу менен **чыгарат**.

**Райондук (шаардык) прокуратураларда** жана аларга теңдештирилген прокуратураларда - бөгөт коюу чараларынын бардык түрлөрүн колдонуу жөнүндө өтүнүч козгоо жана аларды узартуу жөнүндө токтомду көзөмөлдөөчү прокурор прокурордун же анын орун басарынын макулдугу менен чыгарат.

3) КР ЖПК менен тергөө судьясынын компетенциясына киргизилген, маселелерди кароодо соттук отурумдарга катышууга;

4) кыскартылган жана тергөө мөөнөтү токтотулган иштер боюнча корутунду түзүүгө;

5) сотко чейинки өндүрүш иши менен байланышкан, чечим боюнча маалыматтык-эсепке алуу документтерине кол коюуга;

6) 1- инстанциядагы сотто айыптоону колдоого;

Көзөмөлдөөчү прокурор Кыргыз Республикасынын Конституцисынын, Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдердин, Жазык жана Жазык-процесстик кодекстердин, жоруктар жөнүндө кодекстин, башка ченемдик укуктук актылардын, республиканын Башкы прокурорунун буйруктарынын, нускамаларынын, көрсөтмөлөрүнүн талаптарын бекем сактоого **милдеттүү.**

**Прокурор, жазык процессиндеги айыптоо тараптын негизги өкүлү катары сотко чейинки өндүрүштү объективдүү уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жазык-процесстик кодекси менен кеңири ыйгарым укуктар берилген.**

## 3. СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТӨ СОТТУК КОНТРОЛ

**Соттук көзөмөл -** бул сот тутумунун өз алдынча функциясы, анын маңызы жазык иши же жорук жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө катышкан адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектеген жазыктык куугунтуктоону жүзөгө ашырган органдын жана кызмат адамынын аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн маселелерин кароо болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 36-главасында сотко чейинки өндүрүштөгү соттук контролдун тартиби каралган, ал ыйгарым укуктарына кирген маселелерди жеке өзү карай турган тергөө судясы тарабынан жүргүзүлөт.

Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

**а) Шектелүүчүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү тартиби.**

Шектелүүчүнү кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, шектелүүчүнүн, жактоочунун, мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу менен шектелүүчү кармалган жер боюнча ачык соттук отурумда материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып 2 сааттын ичинде тергөө судьясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Прокурор кылмыш жана (же) жорук жасоого шектенүү боюнча адамды кармагандыгы жөнүндө чечимди негиздейт, андан кийин соттук отурумга келген башка адамдар угулат (ЖПКнин 256-бер.).

**б) Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнмөнү кароо тартиби**

Өтүнмөнүн негиздүүлүгүн ырастоочу документтер тиркелген бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө өтүнмөнү козгоо тууралуу токтомдун көчүрмөсү **прокурор тарабынан** шектүүгө, айыпкерге, анын коргоочусуна өтүнмөнү тергөө судьясына бергенге чейин 3 саат калгандан кеч эмес **тапшырылат** (ЖПКнин 108-бер. 2-бөл. ).

Бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү жана узартуу боюнча материалдарды карап жатканда, тиешелүү өтүнүчтү козгоо жөнүндө чечим

чыгарган прокурор сот отурумуна катышат (КР БПнун 26.12.18-жылдагы №93-П буйругу).

Бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылчылыгы жөнүндө маселени чечүүдө, ушул ЖПКнин 107-беренесинде каралган негиздер болгондо, анын түрүн аныктоодо тергөө судьясы, **<u>сот шектенүүнүн негиздүүлүгүн</u>**, шектүүнүн, айыпкердин инсандыгы жөнүндө маалыматтарды, анын курагын, ден соолугунун абалын, үй-бүлөлүк абалын, ишинин түрүн жана башка жагдайларды эске алат (ЖПКнин 109-бер.).

Бөгөт коюу чарасын колдонуу, бөгөт коюу чарасын колдонуу мөөнөтүн узартуу же өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө тергөө судьясынын токтому <u>ал чыгарылган күндөн тартып 5 сутканын ичинде</u> апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн (ЖПКнин 257-бер.).

**в) <u>Кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби.</u>**

Кызмат ордунан убактылуу четтетүү шектелүүчүнүн, прокурордун, тергөөчүнүн, жактоочунун катышуусу менен соттук отурумда тергөөчүнүн өтүнмөсү боюнча тергөө судьясы тарабынан колдонулат.

Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү чарасын колдонуунун зарылдыгы болбой калганда, ал тергөөчүнүн, тергөө судьясынын токтому менен жокко чыгарылат.

Шектелүүчүнү кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанылбайт (КР ЖПКнин 258-бер).

**г) <u>Мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби</u>**

**<u>Мүлккө камак салуу жөнүндө</u>** өтүнмөнү козгоо тууралуу сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырган адамдын токтому материалдар сотко келип түшкөн күндөн тартып 24 сааттын ичинде сотко чейинки өндүрүштүн жери боюнча прокурордун катышуусу менен соттук отурумда тергөө судьясы тарабынан каралууга жатат.

Өтүнмө кылмыштын кыскача баяндамасын, квалификациясын, шектүү, айыпкер жөнүндө маалыматтарды, ага камак салуу сунуш кылынган мүлк жөнүндө маалыматтарды жана келтирилген зыяндын өлчөмүнө бирдейлигин эске алуу менен мүлккө камак салуунун зарылдыгы жөнүндө тыянактарды камтыйт (ЖПКнин 123-бер.).

Мүлккө камак салуу жөнүндө **<u>өтүнмөнү канааттандыруудан баш тартуу тууралуу</u>** тергөө судьясынын токтому прокурор же шектелүүчү,

жактоочу, жабырлануучу, анын өкүлү тарабынан 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн (ЖПКнин 259-бер.).

**д) Тергөө же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнмөнү кароо тартиби.**

**Тергөө же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө** өтүнмө тергөө же атайын тергөө жүргүзүлгөн жер же аларды жүргүзүү жөнүндө өтүнмө берген органдын орун алган жери боюнча өтүнмө келип түшкөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирбестен, соттук отурумда прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын катышуусу менен тергөө судьясы тарабынан каралууга жатат.

Атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүдөн баш тартуу жөнүндө тергөө судьясынын токтому **даттанууга жатпайт.** (ЖПКнин 260-бер.)

Тергөө судьясынын **токтомун албай туруп тергөө** же атайын тергөө аракеттери жүргүзүлгөн учурда, тергөөчү тергөө аракеттеринин жүргүзүлгөн учурунан тартып 24 сааттын ичинде же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү башталганда, аларды өткөрүү жөнүндө тергөө судьясын кабарландырат.

Кабарламага жүргүзүлгөн тергөө аракеттеринин же болбосо башталган атайын тергөө аракеттеринин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн таануу жөнүндө өтүнмө тиркелет.

Тергөө же атайын тергөө аракеттерин жүргүзүүнүн мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанууга жатпайт (ЖПКнин 261-бер.).

**е) Сотко чейинки өндүрүштүн кызмат адамдарынын аракеттерине, чечимдерине даттанууларды кароо тартиби.**

Сотко чейинки өндүрүштүн кызмат адамдарынын аракеттерине, чечимдерине даттануулар, **шектенүү жөнүндө тергөөчүнү кабарландыруудан, прокурор тарабынан айыптоо актысын бекитүүдөн тышкары**, прокурордун, иш-аракеттери даттанылып жаткан кызмат адамынан, арыз берүүчүнүн катышуусу менен тергөө судьясы тарабынан каралууга жатат.

Даттанууну кароонун жыйынтыктары боюнча тергөө судьясы **төмөнкү токтомдордун бирин чыгарат:**

1) тиешелүү кызмат адамынын аракеттерин (аракетсиздигин) же чечимин мыйзамсыз же негизсиз деп таануу жана жол берилген бузууларды анын четтетүү милдеттери жөнүндө;

2) даттанууну канааттандырбай калтыруу жөнүндө.

Эгерде муну тергөөчү, прокурор же тергөө судьясы керектүү деп таппаса, даттанууну берүү даттанылган аракеттин жана даттанылуучу чечимдин аткарылышын токтотпойт.

Даттануу боюнча тергөө судьясынын токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн (ЖПКнин 262-бер.).

**Тергөө судьясы -** шектүүнүн, айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү чараларды колдонуучу, процесстик иш-аракеттердин жана алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун чечимдеринин мыйзамдуулугу үчүн соттук контролду жүзөгө ашыруучу судья;

Учурда сот жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө борбордук орундардын бирин ээлейт. Сотко соттук гана эмес, сотко чейинки баскычта дагы ыйгарым укуктар кеңири берилген.

Адатта, жазык процессуалдык теориясында сот ишмердүүлүгүн эки түргө бөлөт: сот адилеттиги жана сот көзөмөлү.

Бул ар кандай багыттагы функцияларды ар башка кызмат адамы аткарышы керек. Сотко чейинки баскычтарда соттук көзөмөлдү "тергөө судьясы", ал эми соттук баскычтарда сот аткарууга тийиш.

Соттук көзөмөлдү жүзөгө ашырган кызмат адамы ар кайсы өлкөлөрдө ар башкача аталат. Айрым Европа өлкөлөрүндө, мисалы, Германияда, Францияда, Италияда акыркы жылдары соттун атайын кызматы киргизилген, ал бөгөт коюу чараларды колдонууну чечет жана тергөө учурунда адамдын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын көзөмөлдөйт. Францияда алар укук жана алдын ала тергөө иштери боюнча соттор, Германияда - алдын ала тергөө боюнча, Италияда – алдын ала териштирүү иштери боюнча судьялар.

Тергөө судьясы тергөө иштерине, жазык иштерин негизинен кароого б.а. соттолуучунун күнөөсү же күнөөсүздүгү жөнүндө чечим чыгарган учурларда катыша албай,.

**<u>Тергөө судьясы төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу:</u>**

- кылмыш жана (же) жорук жасаганга шектүү адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө;
- бөгөт коюу чараларын колдонуу жөнүндө;
- бөгөт коюу чараларынын мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө;

- прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын чечимдерин мыйзамсыз жана негизсиз деп табуу жөнүндө, ошондой эле башка чечимдерин жана аракеттерин (аракетсиздигин) жөнүндө;

- мүлккө камак салуу же камактан чыгаруу жөнүндө;

- айыпталуучуну убактылуу кызмат ордунан четтетүү жөнүндө;

- атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө;

- алып коюуну жана (же) тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө;

- ЖПКнин 100-бер. каралган учурларды кошпогондо, жеке тинтүүнү жүргүзүү жөнүндө.

**<u>Соттук көзөмөлдү жүргүзүүдө тергөө судьясы төмөндөгүлөргө тийиш:</u>**

- ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди алдын ала чечпөөгө,
- тергөөгө жана тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө жиберүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү бербөөгө,
- сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу жана көзөмөлгө алуучу прокурордун ордуна иш-аракеттерди жасабоого жана чечимдерди кабыл албоого.

Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө тергөө судьясы, жактоочунун же тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча, күбөнүн же жабырлануучунун көрсөтмөлөрүн депонирлейт (ЖПКнин 199-201-бер.).

Сотко чейинки өндүрүштө тергөө судьялары тарабынан жазык- процесстик мыйзамдарды бир түрдүү колдонууну камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму тарабынан 2019-жылдын 24-майында « **Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө»** №14 токтому чыгарылып (№2-тиркеме), анда тергөө судьясы мындай өтүнүчтү карап жатканда төмөнкүлөрдү аныкташы керек:

- өтүнүч КР ЖПКнин талаптарына ылайык келишин:

- өтүнүчтүн ошол сотко караштуулугун;

- өтүнүч берген тергөөчүнүн же ыйгарым укуктуу кызмат адамынын өндүрүшүндө ал жазык иши (жоруктар жөнүндө иш) тургандыгын;

- өтүнүчтө зарыл маалыматтарды камтылгандыгын (конкреттүү тергөө аракеттеринин аталышы, турак жайды кароо же тинтүү жүргүзүүчү жердин дареги ж.б.);

- өтүнүчкө аны кароо үчүн талап кылынган материалдардын тиркелгендигин (арыздын кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестринде катталышы (мындан ары - КЖБР), ишти өз өндүрүшүнө кабыл алуу жөнүндө, тергөө мөөнөтүн узартуу жөнүндө, иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө тапшырмалар, тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн негиздер бар экендигин далилдеген материалдар ж.б.).

Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо тергөө аракеттерин, атайын тергөө амалдарын жүргүзүү үчүн зарылчылыгынын себептери жана негиздери баяндалат.

Токтомдун корутунду бөлүгүндө кайсы тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн уруксат зарыл экендиги, ал кайсы жерде жүргүзүлүшү керек экендиги, сотко чейинки өндүрүш органдары ушул тергөө аракеттеринин натыйжасында кандай далилдөө мүнөзүндөгү маалыматтарды алууга ниет кылгандыгы так көрсөтүлүүгө тийиш.

Эгерде келип түшкөн өтүнүч жазык-процесстик мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, ал аны кароого тоскоолдук кылса, анда тергөө судьясы өз каты менен өтүнүчтү аны жөнөткөн адамга кайра кайтарат.

Тергөө судьясы сотко келип түшкөн өтүнүч боюнча тергөөчүгө (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына) жана прокурорго өз убагында билдирүүгө багытталган зарыл чараларды көрөт.

Өтүнүч карала турган кыска мөөнөттү эске алуу менен билдирүү үчүн телефонограмма, СМС-билдирүү (ошону менен интернет мессенджерлерди), факсимилдик жана башка байланыш каражаттарын пайдалануу сунушталынат.

Тергөө судьясы тергөө аракеттерин (атайын тергөө амалдарын) жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып, 24 сааттан кечиктирбестен прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын катышуусу менен карап баштоого милдеттүү.

Кошумча материалдарды талап кылуу зарылчылыгы болгон учурда өтүнүчтү белгиленгенден ашыкча, бирок 72 сааттан ашпаган мөөнөттө кароого жол берилет (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 260-беренеси).

Бир нече тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтөр тергөөчү (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу адамы) тарабынан ар бир

тергөө аракети боюнча өзүнчө түзүлөт жана тергөө судьясы тарабынан ар бир конкреттүү учур боюнча соттук актысы чыгаруу менен чечилет.

Сотко чейинки өндүрүш органынын кызмат адамынын аракетине (аракетсиздигине), чечимдерине даттануулар кылмышка чогуу катышуу боюнча кээ бир шектүүлөргө карата жазык куугунтуктоосун кыскартуу жөнүндө токтомдордон тышкары жазык иши тийиштүү соттун өндүрүшүнө алынган убактытка чейин гана берилиши мүмкүндүгүн **эске алуу керек.**

Даттанууну жазыктык сот өндүрүшүнүн ар кандай катышуучусу же жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер жана кабыл алынган процесстик чечимдер менен кызыкчылыктары козголгон башка жактар, ошондой эле арыз ээсинин кызыкчылыгында аракеттенген жактоочу, мыйзамдуу өкүлү же өкүлү укуктуу. Жеке жактар, ошондой эле юридикалык жактын өкүлү арыз ээси боло алат (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 132, 262-беренеси).

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 5-беренесинин 55-пунктуна ылайык тергөө судьясы тарабынан чыгарылуучу чечим, аны менен чараларды кабыл алууну талап кылган иш боюнча мыйзам бузуу фактыларын аныктоого прокурордун көңүлүн бурууга укуктуу. Жеке аныктама боюнча бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен прокурор тийиштүү чараларды кабыл алууга жана анын жыйынтыктары жөнүндө тергөө судьясына билдирүүгө тийиш.

Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүгө байланыштуу жазык-процесстик мыйзамдарды туура жана бир түрдүү колдонууну камсыз кылуу жана бөгөт коюу чарасын колдонууда пайда болгон маселелерди чечүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму тарабынан 2019-жылдын 13-сентябрында **"Кармоонун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жана бөгөт коюу чаралары тууралуу жазык-процесстик мыйзамдарды соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасы жөнүндө"** №16 токтому чыгарылып, анда алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү тергөө судьясына **милдеттүү түрдө:**

1) шектүүнү кармоо жөнүндө токтомдо көрсөтүлгөн убакыт менен иш жүзүндө кармоо жүргүзүлгөн убакыттын туура келгендигин (КР ЖПКнин 99-бер. 2-бөл.);

2) кармалган адамга бир жолу телефон менен натыйжалуу акысыз жана көзөмөлдөнгөн сүйлөшүү берилгендигин (КР ЖПКнин 45-бер. 1-бөл. 2-п.);

3) иш жүзүндө кармалгандан кийин шектүүнүн кармалгандыгы жөнүндө жакын туугандарына, жубайына, ошондой эле жактоочусуна токтоосуз

маалымдалгандыгын (КР ЖПКнин 104-бер. 1 -бөл.);

4) иш жүзүндө кармалган учурдан тартып өзү тандаган адвокаттын жардамы алдында коргонуу мүмкүнчүлүгү берилгендигин (КР ЖПКнин 45-бер. 1-бөл. 5-6-п.), ал жок болгон учурда адвокаттардын мамлекеттик реестри аркылуу мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам боюнча адвокат берилгендигин (КР ЖПКнин 51-бер. 4-бөл.) тастыктоочу далилдерди бериши керек.

***Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун токтомдору менен тергөө судьясынын ыйгарым укуктары жана ал тарабынан сотко чейинки өндүрүш баскычында жүзөгө ашырылуучу соттук көзөмөлдүн тартиби так жөнгө салынган.***

## 4. ЖАЗЫК ИШТЕРИ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУЧУ КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ВЕДОМСТВОЛУК КОНТРОЛ

**Ведомстволук контроль** - бул тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, алгачкы текшерүү органдарынын начальнигинин аларга баш ийген тергөөчүлөрдүн жана алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын өндүрүшүндөгү жазык иштердин жана жоруктар жөнүндө иштердин тергөөсүнүн толуктугуна жана сапатына карата процесстик жетекчиликти (контролду) жүзөгө ашыруу, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын негизги укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча укуктук ишмердүүлүгү.

Алгачкы текшерүү органынын (бөлүмдөрүнүн) начальнигинин, тергөө органынын жетекчисинин бардык ишмердүүлүгү аракеттерди жасоодон жана чечимдерди кабыл алуудан турат. Ал **процесстик жана уюштуруучулук контрол** түрүндө жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 36-беренесинде тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин ыйгарым укуктары келтирилген, ал биринчи кезекте тергөө өндүрүшүн **уюштурушу керек.**

**Уюштуруучулук контрол** алгачкы текшерүү органынын, алгачкы текшерүү органынын бөлүмдөрүнүн, тергөө бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин административдик ыйгарым укуктарына негизделет жана административдик-кызматтык иш-аракеттердин жүрүшүндө тергөөчүнүн - тергөө бөлүмүнүн жетекчисине, ал эми алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы алгачкы текшерүү органынын начальнигине же алгачкы текшерүү органынын бөлүмүнүн начальнигине баш ийүү принциби боюнча жүзөгө ашырылат.

Алгачкы текшерүү органынын (бөлүмүнүн) начальнигинин же тергөө органынын жетекчисинин ар бир мыйзамдуу уюштуруучулук тескемелери (көрсөтмөсү, буйругу) тиешелүүлүгүнө жараша алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы же тергөөчү тарабынан аткарылышы керек.

Укук коргоо органдарынын жетекчилери тарабынан бекитилген тергөө бөлүмдөрү жөнүндөгү Жобо уюштуруучулук көзөмөлдүн укуктук негизи болуп саналат (*№3-тиркеме*).

**Процессуалдык контрол** тергөө бөлүмүнүн башчысынын, тергөө органынын башчысынын, алгачкы текшерүү органынын начальнигинин жазык-процесстик ыйгарым укуктарына негизделет жана жазык ишин тергөө учурунда тергөө органынын башчысы менен тергөөчүнүн, ошондой эле жорук жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш учурунда алгачкы текшерүү органын начальниги, алгачкы текшерүү органынын бөлүмүнүн начальниги жана алгачкы текшерүү органын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга арналган.

Тергөө жана алгачкы текшерүү органына *ишине ведомстволук процесстик контролдун* мааниси тергөөнүн сапатын камсыз кылуу жана сотко чейинки өндүрүшкө катышкан жарандардын укуктарын коргоо болуп саналат. Тергөө органынын жетекчиси, алгачкы текшерүү органынын (бөлүмүнүн) начальниги тергөөнүн толук эмес жүргүзүлгөндүгүн, жарандардын адеп-ахлагы менен эркиндиктерин бузулгандыгын аныктаган учурда тергөөнүн аныкталган кемчиликтерин четтетүү жана процесстин катышуучуларынын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

Кылмыштарды ыкчам жана ар тараптуу иликтөө максатында тергөө бөлүмүнүн башчысына процесстик ыйгарым укуктар берилген:

1) тергөө өндүрүшүн тергөөчүгө же тергөөчүлөрдүн тобуна тапшырууга, ошондой эле тергөөчүдөн жазык ишин алып коюуга жана анын негиздерин милдеттүү түрдө көрсөтүү менен башка тергөөчүгө берүүгө;

2) эгерде ал жазык-процесстик кодекстин талаптарын бузууга жол берсе, тергөөчүнү андан аркы тергөө өндүрүшүнөн четтетүүгө;

3) тергөөчүлөрдүн өндүрүшүндө турган жазык иштери боюнча алардын иш-аракеттеринин өз убагында болушун, тергөөчүлөрдүн тергөө жана камакта кармоо мөөнөттөрүн сакташын, жазык-процесстик кодексте белгиленген учурларда прокурордун көрсөтмөлөрүн, башка тергөөчүлөрдүн тапшырмаларын аткарышын контролдоону ишке ашырууга;

4) тергөө бөлүмүнүн жетекчиси тергөөчүнүн өндүрүшүндө турган иш боюнча териштирүүгө катышууга, тергөөчүнүн ыйгарым укуктарын пайдалануу менен жеке өзү тергөө жүргүзүүгө укуктуу.

Тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин жазык иши боюнча көрсөтмөлөрү тергөөчүнүн өз алдынчалуулугун жана анын укуктарын чектей албайт. Көрсөтмөлөр тергөөчүгө ***жазуу жүзүндө берилет жана аткаруу үчүн милдеттүү, бирок ал макул болбогон учурда прокурорго даттанылышы мүмкүн.***

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү уюштуруу үчүн Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 40-беренесинде менен алгачкы текшерүү органынын начальнигин ыйгарым укуктары каралган.

***Жыйынтыктап айтканда, тергөө бөлүмүнүн башчысы, алгачкы текшерүү органынын начальниги, тергөөчүлөрдүн түздөн-түз жетекчилери жана тергөө органдарынын уюштуруу-процесстик укуктарга ээ ыйгарым укуктуу кызмат адамдары катары, жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштердин тергөөсүнүн жүрүшүнө ведомстволук контролду жүзөгө ашыруулары керек.***

Колдонмодо көрсөтүлгөн сотко чейинки өндурүшкө ведомстволук көзөмөлдү, прокурордук көзөмөлдү жана сотко чейинки өндүрүштү уюштуруунун укуктук негиздери төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Ар түрдү мамлекеттик органдардын кызмат адамдары тарабынан жүргүзүлүүчү ведомстволук контрол, прокурордук көзөмөл жана соттук контрол кылмыштарды жана жоруктарды  объективдүү, сапаттуу жана ыкчам иликтөөнү, ошондой эле жазык процесстеринин катышуучуларынын укуктарын коргоону жана калыбына келтирүүнү камсыз кылууга багытталган.

2.Прокурордук көзөмөл менен соттук көзөмөлдүн негизги айырмачылыгы, кабыл алынган процесстик чечимдердин түрлөрүнүн айырмасы жана алардын толукталышы эсептелет.

Алсак, тергөө судьясы тергөөчүнүн чечимин мыйзамсыз деп таап, тергөөчүнүн чечимин жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгаруу үчүн прокурорго өз чечимин жиберет.

Ал эми, прокурор макул болбогон учурда, ага карата апелляциялык тартипте даттанууга укуктуу.

3.Тергөө бөлүмүнүн жана алгачкы текшерүү органынын жетекчисинин көрсөтмөлөрү аткаруу үчүн милдеттүү, бирок ага макул болбогон учурда прокурорго даттанылышы мүмкүн.

## КОНТРОЛДУК СУРООЛОР

**1.** Көзөмөлдөөчү прокурордун жазык ишин тергөө боюнча ыйгарым укуктарын тизмектегиле.

**2.** Тергөө судьясы кандай маселелерди карайт?

**3.** Тергөө бөлүмүнүн жетекчиси кандай ыйгарым укуктарга ээ?

**4.** Көзөмөлдөөчү прокурорго даттанылган тергөөчүнүн чечими аракетин токтото алабы?

**5.** Тергөө судьясына даттанылган тергөөчүнүн чечими аракетин токтото алабы?

**6.** Тергөө бөлүмүнүн башчысынын көрсөтмөсү боюнча тергөөчү кимге даттануу келтирет?

**7.** Кайсы кызмат адамы өлүмгө алып келген жол кырсыгын жасаган кызмат адамына шектенүү жөнүндө кабарламам чыгарат?

**8.** Соттун кароосунда турган жазык иши боюнча айрым адамдарга карата жазыктык куугунтугун кыскартуу жөнүндө тергөөчүнүн токтому тергөө судьясына даттанылышы мүмкүнбү?

**9.** Тергөө судьясынын даттанууга жатпаган чечимдерин тизмектегиле.

**10.** Шектүүгө карата бөгөт коюу чарасы кандай колдонулат?

## ТАПШЫРМАЛАР

### «Абдиевдин иши»

Тергөөчүнүн №5 балдар поликлиникасынын башкы дарыгерине жиберген токтому менен башкы дарыгердин орун басары А.Абдиев, ал №5 балдар полиникасынан анча алыс эмес жерде жайгашкан балдар аянтчасындагы сынган селкинчектен улам жаракат алган оорулуу балага себепсиз жардам берүүдөн баш тарткандыгына шектелген жазык иши боюнча тергөө учурунда кызмат ордунан убактылуу четтетилген.

Токтомдо, А.Абдиевдин күнөөсүнөн улам бала түбөлүккө майып бойдон кала тургандыгы жана бардык жагдайлар такталганга чейин Абдиевди мурдагы кызматында ордунда калтыруу кооптуу экендиги көрсөтүлгөн.

Бул чечим башкы дарыгер тарабынан Абдиевдин иш бөлмөсүндө жарыяланганда, ал жактоочусу менен телефон аркылуу байланышып, кызмат ордунан убактылуу четтетүү сыяктуу жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуунун башка чаралары соттун чечими менен гана колдонула тургандыгын тактаган.

***Талкуу жана чечүү үчүн суроолор:***

1. *Жактоочу тарабынан корголуучуга берген түшүндүрмө туурабы?*
2. *Кызмат ордунан четтетүүнүн мөөнөтү кандай?*
3. *Кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароонун процесстик тартиби кандай?*

### « Ивановдун иши»

Ивановду жаран Лапинага карата каракчылыкка кылгандыгына шектенүү боюнча жазык ишин тергөө учурунда шектүү үй камагында отуруп, күбөлөр Попов менен Мальцевди (кылмыштын күбөлөрү) аларга каршы ар кандай коркутууларды айтып, мурунку көрсөтмөлөрүн өзгөртүүгө көндүргөндүгүн тергөөчү аныктаган.

***Талкуу жана чечүү үчүн суроолор:***

1. *Бөгөт коюу чарасынын өзгөртүүгө негиздер барбы?*
2. *Өтүнмөнү түзүүнүн жана аны тергөө судьясынын кароосунун тартибин баяндагыла.*

**№1-тиркеме**

Кыргыз Республикасынын
Башкы прокурорунун 2019-
жылдын 31-июлундагы
№ 45 буйругу менен бекитилди

Көзөмөлдөөчү прокурор жөнүндө
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Прокуратура органдарында көзөмөлдөөчү прокурордун функцияларын Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору (мындан ары – Башкы прокурор), Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун орун басары – республиканын Аскер прокурору, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын, райондордун (шаарлардын) прокурорлору, аскер прокурорлору жана райондук (шаардык) прокурорлорго теңдештирилген прокурорлор, алардын орун басарлары жана прокуратура органдарынын башка кызмат адамдары ишке ашырышат.

2. Көзөмөлдөөчү прокурор Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдерге, Жазык жана Жазык-процесстик кодекстер, жоруктар жөнүндө кодекске, башка ченемдик укуктук актылар, республиканын Башкы прокурорунун буйруктарынын, нускамаларынын, көрсөтмөлөрүнө ылайык өз компетенциясынын чегинде өз ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

3. Ушул Жобонун талаптары, тизмеси "Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы (мындан ары - конституциялык Мыйзам) менен аныкталган, кызматтык кылмыштар же кызмат адамдары жасаган кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө КЖБРде катталган арыздар жана (же) маалыматтарга, өзгөчө оор кылмыштар тууралуу, кеңири коомдук резонанс жараткан кылмыштар жөнүндө, ошондой эле прокуратуранын жетекчилиги контролго алган иштерге жайылтылат.

Ушул Жободо "прокуратуранын жетекчилиги" термини Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору, анын орун басарлары, республиканын Аскер прокурору жана анын орун басарлары, республиканын Башкы

прокуратурасынын башкармалыктарынын башчылары жана алардын орун басарлары, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын, райондордун (шаарлардын) прокурорлору жана аларга теңдештирилген прокурорлор жана алардын орун басарлары дегенди түшүндүрөт.

## 2. Көзөмөлдү уюштуруу жана көзөмөлдөөчү прокурордун ыйгарым укуктары

4. Башкы прокурор, Башкы прокурордун орун басарлары, Башкы прокуратуранын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысы жана башкармалыктын бөлүм башчысы, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын, райондордун (шаарлардын) прокурорлору, аларга теңдештирилген прокурорлор жана алардын орун басарлары баш ийген кызматкерлердин арасынан, тизмеси “Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы (мындан ары - конституциялык Мыйзам) менен аныкталган, кызматтык кылмыштар же кызмат адамдары жасаган кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө арыздар жана (же) маалыматтар КЖБРде катталган учурдан баштап же аталган категориядагы сотко чейинки өндүрүш иштери башка органдардан келип түшкөн учурдан баштап 24 сааттын ичинде, ошондой эле өзгөчө оор кылмыштардын категориясына кирген иштер, кеңири коомдук резонанс жараткан иштер боюнча, ошондой эле прокуратуранын жетекчилигинин көрсөтмөсү боюнча кылмыштардын башка түрлөрү боюнча сотко чейинки өндүрүш үчүн (1-тиркеме) көзөмөл жүргүзүүнү тапшыруу менен көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт, тапшырманын көчүрмөсү сотко чейинки өндүрүш ишине тиркөө үчүн тергөө органынын жетекчилигине жиберилет.

5. Коомдук-укуктук мамилелердин айрым чөйрөлөрүндө мыйзамдуулукту көзөмөлдөө көндүмдөрүн талап кылуучу жазык иштерди тергөө учурунда, көзөмөлдөөчү прокурор прокуратуранын башка түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн кызматкерлеринин ичинен дайындалышы мүмкүн.

6. Көзөмөлдөөчү прокурор сотко чейинки өндүрүш башталган учурдан баштап ал аяктаганга чейин конкреттүү жазык иши жана (же) жоруктар жөнүндө иш боюнча көзөмөлдү ишке ашырат, ошондой эле 1-инстанциядагы сотто мамлекеттик айыптоону колдойт.

Көзөмөлдөөчү прокурордун ыйгарым укуктары көзөмөлдөөчү прокурор катары ал аныкталган сотко чейинки өндүрүш иши менен байланышкан бардык иштерге жайылтылат.

7. Көзөмөлдөөчү прокурор аныкталган иш боюнча, сотко чейинки өндүрүш иши бөлүнгөн учурда, мурда кошулган жазык иштер боюнча прокуратуранын жетекчиси башка көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт же ошол эле көзөмөлдөөчү прокурорго көзөмөлдү улантууну тапшырат, башка учурда көзөмөл жалпы тартипте ишке ашырылат.

8. Прокуратуранын жетекчиси жазык процессинин бардык стадиясында, анын ичинде тергөөнүн караштуулугу боюнча сотко чейинки өндүрүш иштерин кайра квалификациялоо, өткөрүп берүүдө, ошондой эле ушул Жобонун 13-пунктунда каралган жагдайларда көзөмөлдөөчү прокурорду аныктайт.

9. Областтык борбордон алыс жайгашкан райондо, ошондой эле бир нече райондордун же областтардын аймагында, кылмыш жана (же) жорук жасалган же тергөө жана (же) атайын тергөө амалдарын жүргүзүү, жүргүзүлүп жаткан тергөө оор же көлөмү чоң болгон учурда тийиштүү прокуратуранын жетекчисинин чечими боюнча Башкы прокуратуранын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын, Бишкек жана Ош шаардык, областтык, райондук, (шаардык) прокуратураларынан жана аларга теңдештирилген прокуратуралардын кызматкерлеринин ичинен бир нече көзөмөлдөөчү прокурорлор аныкталат, ал жөнүндө көзөмөлдөөчү прокурорлордун тобун аныктоо тууралуу тапшырма чыгарылат.

Бул учурда тийиштүү прокуратуранын жетекчиси көзөмөлдөөчү прокурорлордун ишин алардын компетенциясына же аймактуулугуна жараша өз алдынча уюштурат.

10. Сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө көзөмөлдөөчү прокурор ыйгарым укуктуу:

1) сотко чейинки өндүрүшкө тиешелүү материалдарга, документтерге жана башка маалыматтарга толук жетүүгө;

2) алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү процесстик иш-аракетерди жүргүзүүдө, ага катышууга;

3) кармоонун мыйзамдуулугун текшерүүгө жана КР ЖПКнын талаптарын бузуу менен кармалган адамдарды бошотуу тууралуу токтом чыгарууга;

4) адамды шектенүү жөнүндө алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн өтүнүчүн кароого;

5) тизмеси “Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен аныкталган, адамдарга карата жазык иши жана (же) жорук жөнүндө иш боюнча шектелгендиги тууралуу кабарлама чыгарууга;

6) бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө тергөөчүнүн өтүнүчүн кароого.

Күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жана бөгөт коюу чарасынын мөөнөтүн узартуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомду көзөмөлдөөчү прокурор чыгарат:

- республиканын Башкы прокуратурасында – Башкы прокурордун орун басарынын макулдугу менен;

- Аскер прокуратурасында - Башкы прокурордун орун басары – Аскер прокурорунун же анын орун басарынын макулдугу менен;

- Бишкек жана Ош шаарларынын, областтык прокуратураларда – Бишкек жана Ош шаарларынын, областтык прокурорлордун же алардын орун басарларынын макулдугу менен.

Башка жакка кетпөө жөнүндө кол кат алуу, аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлдөөсүнө берүү, жашы жете электи ата-энесинин же аларды алмаштырган адамдардын жана уюмдардын көз салуусуна берүү түрүндө бөгөт коюу чараларын колдонууда көзөмөлдөөчү прокурор токтомду Башкы прокуратуранын, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын, Бишкек жана Ош шаардык, областтык прокуратуралардын изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө башкармалыгынын бөлүмдөрүнүн башчыларынын макулдугу менен чыгарылат.

Райондук (шаардык) прокуратураларда жана аларга теңдештирилген прокуратураларда - бөгөт коюу чараларынын бардык түрлөрүн колдонуу жөнүндө өтүнүч козгоо жана аларды узартуу жөнүндө токтомду көзөмөлдөөчү прокурор прокурордун же анын орун басарынын макулдугу менен чыгарат.

7) кызматташтык жөнүндө макулдашуу түзүү жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартуу прокуратуранын жетекчилигинин макулдугу менен;

8) күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу же канааттандыруудан баш тартууга;

9) ЖПК менен тергөө судьясынын компетенциясына киргизилген, маселелерди кароодо соттук отурумдарга катышууга;

10) прокуратуранын жетекчилигинин макулдугу менен жазык ишин жана (же) жорук жөнүндө ишти кыскартууга же алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө кайтарууга;

11) жазык иштерин жана (же) жоруктар жөнүндө иштердин тергелишинин мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүүгө;

12) алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына, тергөөчүгө процесстик иш-аракеттерди жүргүзүү жөнүндө жазуу жүзүндө көрсөтмө берүүгө;

13) алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынан, тергөөчүдөн сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жол берилген мыйзам бузууларды жоюуну талап кылууга;

14) прокуратуранын жетекчисинин макулдугу менен алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин мыйзамсыз жана негизсиз токтомдорун жокко чыгарууга;

15) алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, чечимдерине жана иш-аракеттерине даттанууларды чечүүгө;

16) кыскартылган жана тергөө мөөнөтү токтотулган иштер боюнча корутунду түзүүгө;

17) жабырлануучуну, күбөнү жана жазык сот өндүрүшүнө катышкан башка адамдарды коргоо чараларын колдонуу жөнүндө тапшырма берүүгө;

18) сотко чейинки өндүрүш иши менен байланышкан, чечим боюнча маалыматтык-эсепке алуу документтерине кол коюуга;

19) 1- инстанциядагы сотто айыптоону колдоого;

20) КР ЖПКде белгиленген тартипте соттук чечимдерге даттанууга;

21) КР ЖПКде каралган, прокуратуранын жетекчилигинин тапшырмасы боюнча башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга.

11. Көзөмөлдөөчү прокурор Кыргыз Республикасынын Конституцисынын, Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдердин, Жазык жана Жазык-процесстик кодекстердин, жоруктар жөнүндө кодекстин, башка ченемдик укуктук актылардын, республиканын Башкы прокурорунун буйруктарынын, нускамаларынын, көрсөтмөлөрүнүн талаптарын бекем сактоого милдеттүү.

12. Реабилитациялык негиздер боюнча иш кыскартылгандыгына байланыштуу, сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө шектүү камактан бошотулган учурда көзөмөлдөөчү прокурор токтоосуз прокуратуранын жетекчилигине жазуу жүзүндө кабар берет.

## **3. Көзөмөлдөөчү прокурордун биринчи инстанциядагы сотко катышуусу**

13. Көзөмөлдөөчү прокурор (топ) мамлекеттик айыптоочу катары биринчи инстанциядагы сотто айыптоону колдойт, иш боюнча мамлекеттик айыптоонун позициясын жеке өзү иштеп чыгат.

Сот алыс болгон учурда, мамлекеттик айыптоону колдоо жайгашкан жери боюнча прокуратуранын кызматкерлери тарабынан ишке ашырылат.

14. Айыптоону анча оор эмес кылмыштарга өзгөртүү, айыптоодон толук же жарым жартылай баш тартуу учурунда, көзөмөлдөөчү прокурор сотто өтүнүч билдиргенге чейин прокуратуранын жетекчилигине айыптоону өзгөртүү же баш тартуунун себептери жөнүндө жазуу жүзүндө корутунду (маалымкат) берет.

Көзөмөлдөөчү прокурордун позициясы менен макул эмес болгон учурда, прокуратуранын жетекчилиги 3 сутканын ичинде башка көзөмөлдөөчү прокурорго алмаштыруу жөнүндө чечим кабыл алат же мындан ары мамлекеттик айыптоону колдоону жеке өзү ишке ашырат.

Мындай факт соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин прокуратуранын жетекчилиги алдындагы ыкчам кеңешмеде каралууга тийиш.

Көзөмөлдөөчү прокурор кабыл алган чечимдин мыйзамдуулугу жөнүндө корутунду жана кеңешменин протоколу үч күндүк мөөнөттө (кеңешме өткөрүлгөн күндөн баштап) Башкармалыкка жана Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын прокуратураларынын тийиштүү түзүмдүк бөлүнүштөрүнө жиберилет, алар кабыл алынган чаралардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшеришет.

15. Мамлекеттик айыптоону колдоодо сотко далилдерди, анын ичинде жазык ишине тиркелген буюм далилдерди милдеттүү тартипте келтирүү жана коргоочу тарап берген жүйөлөрдү жокко чыгаруу тактикасын өз убагында иштеп чыгат.

16. Процесстин катышуучулары негизсиз өтүнүч билдирген учурда, көзөмөлдөөчү прокурор талашат жана аларды четке кагуу тууралуу өтүнүч киргизет, ошондой эле жазык процессинин катышуучуларынын укуктарын чектеп жаткан, ар кандай мыйзам бузууларга чара көрөт.

17. Соттук отурумга процесстин башка катышуучулары келбеген учурда, көзөмөлдөөчү прокурор ал адамдарга тийиштүү жоопкерчилик же акчалай жаза салуу жөнүндө маселени демилгелөө тууралуу сот алдында өтүнүч берет, ал эми негиз бар болгон учурда айыпталуучуга бөгөт коюу чарасын кыйла катууга өзгөртүү тууралуу өтүнмө берет.

18. Айыпталуучуга жаза дайындоо жөнүндө позициясын баяндоодо көзөмөлдөөчү прокурор укук бузуунун коомдук коркунучтуулугунун мүнөзүн жана деңгээлин, күнөөлүүнүн инсандыгын, ошондой эле жазык жоопкерчилиги

менен жазаны оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайларды эске алуу менен, сунушталган жаза тең ченемдүү жана адилеттүү болушу үчүн, колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын бекем жетекчиликке алат.

Жазык укук бузуу жасагандыгы үчүн каралган (мындан ары - ЖК) тийиштүү беренелеринин ичинен жазанын катуураак түрү жазанын жеңилирээк түрү максатка жетүүнү камсыз кыла албаган учурларда гана көзөмөлдөөчү прокурор тарабынан судьяга сунушталат.

19. Жазык мыйзамын колдонуу жөнүндө көзөмөлдөөчү прокурордун корутундусу колдонуудагы мыйзамдардын ченемдеринде негизделет.

20. Жазык иш республиканын Башкы прокурорунун контролунда болгон учурда, иш боюнча позиция алдын ала, тараптардын жарыш сөзүнө чейин **беш жумушчу күндөн кеч эмес** Башкармалык менен, ал эми Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын прокуратураларында контролдо турган иштер боюнча - изин суутпай издөө ишин жана тергөөнү көзөмөлдөө бөлүмү менен макулдашылат.

21. Көзөмөлдөөчү прокурор иш боюнча соттук чечимди угузууда катышат, анын жыйынтыгы токтоосуз прокуратуранын жетекчилигине билдирилет, ошондой эле КР ЖПКнын 298-беренесинде каралган мөөнөттө соттук териштирүүнүн протоколу менен таанышууга жана зарыл болгон учурда ага жазуу жүзүндө сын-пикир келтирүүгө укуктуу.

22. Соттун чечиминин көчүрмөсү анын мыйзамдуулугу жөнүндө корутунду менен алынгандан кийин, жазык жана жарандык сот өндүрүшүнө тийиштүү тутумдук бөлүнүшү менен текшерүү уюштуруу үчүн токтоосуз прокуратуранын жетекчилигине берилет.

Көзөмөлдөөчү прокурордун корутундусу төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) соттолуучунун (акталган адамдын) анкеталык маалыматтары;

2) иштин кыскача фабуласы, квалификациясы;

3) иш боюнча чыгарылган соттук токтомдор жөнүндө маалыматтар;

4) чечим чыгарылган дата жана соттун аталышы;

5) соттук чечимдин корутунду бөлүгүнүн мазмуну;

6) апелляциялык сунуш киргизүү үчүн негиздин болуусу же жоктугу жөнүндө тыянактар.

23. Айыптоонун позициясы, соттук акты жана көзөмөлдөөчү прокурордун корутундусу көзөмөл өндүрүшүнө тиркелет.

24. Сот тарабынан мыйзамсыз же негизсиз чечим чыгарылган, ошондой эле соттук акты менен көзөмөлдөөчү прокурордун позициясында олуттуу айырмачылыктар болгон учурларда, көзөмөлдөөчү прокурор апелляциялык

мөөнөттө КР ЖПКнын 393-беренесинин 1-бөлүгү менен каралган тартипте апелляциялык сунуштама киргизүү жөнүндө маселени чечет.

25. Аталган жайгдайда, апелляциялык сунуштаманын көчүрмөсү корутундуга тиркелет.

26. Көзөмөлдөөчү прокурордун позициясына ылайык сот соттук акты чыгарган, бирок кийин ага сунуштама киргизилген учурда, бул факты прокуратуранын жетекчилиги алдындагы ыкчам кеңешмеде каралууга тийиш.

Көзөмөлдөөчү прокурор кабыл алган чечимдин мыйзамдуулугу жөнүндө корутунду жана кеңешменин протоколу үч күндүк мөөнөттө (кеңешме өткөрүлгөн күндөн баштап) жогору турган прокуратурага жиберилет, ал кабыл алынган чаралардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет.

27. Көзөмөлдөөчү прокурор соттук отурумга формалык кийимде катышат, соттук териштирүүнүн күн тартибин бекем сактайт.

## **<u>4. Көзөмөлдөөчү прокурорду алмаштыруу жана чететтүү</u>**

28. Көзөмөлдөөчү прокурор алмаштырылгыс, бирок сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө жумуш ордун которуу, жумуштан бошотулуу, жазык иштин көзөмөл караштуулугу өзгөргөн же жазык иш боюнча мындан ары көзөмөл жүргүзүү же мамлекеттик айыптоону колдоого мүмкүнчүлүк бербеген башка жагдайларда, прокуратуранын жетекчилигинин чечими боюнча ал башка көзөмөлдөөчү прокурор менен алмаштырылат.

Убактылуу эмгекке жарамсыздык, эмгектик өргүү, оору же жазык иш боюнча көзөмөлдү ишке ашырууга убактылуу тоскоолдук жараткан башка жагдайларда, көзөмөлдөөчү прокурор жок болгон мезгилде, прокуратуранын жетекчилигинин чечими боюнча башка көзөмөлдөөчү прокурор аныкталат.

29. Көзөмөлдөөчү прокурор тарабынан адамдын жана жарандын конституциялык жана башка укуктарын олуттуу бузуу боюнча чараларды кабыл албоо фактылары аныкталган, ошондой эле ал бекиткен чечимдерди жогору турган прокурор тарабынан жокко чыгарылган учурларда, прокуратуранын жетекчилиги көзөмөлдөөчү прокурорду алмаштырат.

30. Көзөмөлдөөчү прокурорду алмаштырууда, тийиштүү прокуратуранын жетекчилиги тийиштүү тапшырма чыгарат.

Тапшырма чыккан учурдан баштап 24 саат ичинде анын көчүрмөсү иштин материалдарына тиркөө үчүн тергөө органына жиберилет.

31. Көзөмөлдөөчү прокурор төмөнкү учурларда прокуратуранын жетекчилиги тарабынан алмаштырылат:

1) башка кызматка которулушу;

2) убактылуу эмгекке жарамсыздыгы;

3) эмгектик өргүүсү;

4) окуу өргүүсү;

5) иш сапарга чыгышы;

6) кызматтан бошотулушу;

7) кызматтык милдеттерин аткаруудан убактылуу чететтилиши;

8) жазык укук бузуу жасады деп шектелгендигине байланыштуу камакка алынышы же бөгөт коюу чарасы колдонулганда.

## 5. Көзөмөлдөөчү прокурорлордун иштери боюнча контрол ишке ашырылат:

Башкы прокуратурада Башкы прокурордун орун басары, Башкармалыктын башчысы жана анын орун басары, бөлүмдөрдүн башчылары;

КР Аскер прокуратурасында, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтык прокуратураларда – Башкы прокурордун орун басары – республиканын Аскер прокурору, анын орун басарлары, Бишкек жана Ош шаарларынын, областтардын прокурорлору, алардын орун басарлары, бөлүмдөрдүн башчылары;

Райондук (шаардык) прокуратураларда жана ага теңдештирилген прокуратураларда – прокурор жана орун басары.

32. КР ЖПКнын 71-беренесинде каралган негиздер бар болгон учурда, көзөмөлдөөчү прокурорду чететтүү тууралуу маселе тийиштүү прокуратуранын жетекчилиги тарабынан чечилет.

Көзөмөлдөөчү прокурор
жөнүндө Жобого

______________________
*(Көзөмолдөөчү прокурордун кызматы,*

______________________
*аты жөнү.)*

Көчүрмөсү: ______________________
*(тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин кызматы ,*

__________________
*аты жөнү)*

**Т А П Ш Ы Р М А**
Көзөмөлдөөчү прокурорду аныктоо жөнүндө

________________ «____» _______ 20___ -ж.
(түзүлгөн орду) (датасы)

Прокурор _____________________________________________________
(кызматы, аты жөнү)

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун ____ июль 2019-жылдагы №____ буйругу менен бекитилген көзөмөлдөөчү прокурор жөнүндө Жобого ылайык, № ____________________, сотко чейинки өндүрүштүн материалдарын карап чыгып,
(сотко чейинки өндүрүштүн номери

жогорудагы иш боюнча Сизди көзөмөлдөөчү прокурор катары аныктадым.

Кыргыз Республикасынын ЖПК жана жогоруда аталган Жободо каралган ыйгарым укуктардын чегинде, иш боюнча сотко чейинки өндүрүшкө тийиштүү көзөмөл жүргүзүүнү жана мыйзамга негизинде чечим кабыл алынышын камсыз кылууну талап кылам.

Экинчи дарекке маалымат жана сотко чейинки өндүрүш ишине тиркөө үчүн.

Прокурор_________ __________________
(кызматы, аты жөнү)

Тааныштым __________________________
(көзөмөлдөөчү прокурордун колу, аты жөнү)

«____» _______ 20___ ж.

**№2-тиркеме**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2019-жылдын 24-майы Бишкек шаары

№14

## Тергөө судьялары тарабынан сотко чейинки өндүрүштө соттук контроль жүргүзүү боюнча соттук практиканын кээ бир маселелери жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси (мындан ары - Кыргыз Республикасынын ЖПКсы) сотко чейинки өндүрүштө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону камсыз кылуу үчүн жазык сот өндүрүшүндө соттук контролду жүргүзүүгө тергөө судьясы институтун киргизди.

Тергөө судьясы - шектүүнүн, айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү чараларды колдонуучу, процесстик иш- аракеттердин жана алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун чечимдеринин мыйзамдуулугу үчүн соттук контролду жүзөгө ашыруучу судья.

Өндүрүшү соттук чечимдин негизинде гана жүргүзүлө турган же өзгөчө учурларда тергөө судьялары тарабынан алардын мыйзамдуулугун кийин текшерүүгө жол бериле турган тергөө, атайын тергөө жана башка процесстик аракеттер жарандардын жеке менчикке, турак жайынын кол тийгистигине, жеке турмушка, кат алышуунун, телефондук сүйлөшүүлөрүнүн, почта, телеграфтык жана башка билдирүүлөрүнүн купуялыгына (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12, 29, 30-беренелери) болгон конституциялык укуктарын чектөө менен байланышкан, бул Кыргыз Республикасынын ЖПКнин ченемдеринде каралган тартипти колдонууда Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана жазык-процесстик мыйзамдары менен аталган укуктарга карата белгиленген кепилдиктерди кынтыксыз сактоого тергөө судьяларын милдеттендирет.

Сотко чейинки өндүрүштө тергөө судьялары тарабынан жазык- процесстик мыйзамдарды бир түрдүү колдонууну камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын 96-беренесинин 2-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесин жетекчиликке алып, төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү берүүнү токтом кылат:

1. Тергөө аракеттерин же атайын тергөө амалдарын жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маселени кароого тийиштүү кызмат адамдарынын (тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын) өндүрүшүндө болгон жазык иш (жоруктар жөнүндө иш) боюнча өтүнүчү себеп боло тургандыгына тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун.

Мындай өтүнүчтөрдү кароодо тергөө судьясы төмөнкүлөрдү аныкташ керек:

- өтүнүч Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык келишин:

- өтүнүчтүн ошол сотко караштуулугун;

- өтүнүч берген тергөөчүнүн же ыйгарым укуктуу кызмат адамынын өндүрүшүндө ал жазык иши (жоруктар жөнүндө иш) тургандыгын;

- өтүнүчтө зарыл маалыматтарды камтылгандыгын (конкреттүү тергөө аракеттеринин аталышы, турак жайды кароо же тинтүү жүргүзүүчү жердин дареги ж.б.);

- өтүнүчкө аны кароо үчүн талап кылынган материалдардын тиркелгендигин (арыздын кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестринде катталышы (мындан ары - КЖБР), ишти өз өндүрүшүнө кабыл алуу жөнүндө, тергөө мөөнөтүн узартуу жөнүндө, иш боюнча өндүрүштү кайра жандандыруу жөнүндө тапшырмалар, тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн негиздер бар экендигин далилдеген материалдар ж.б.).

Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо тергөө аракеттерин, атайын тергөө амалдарын жүргүзүү үчүн зарылчылыгынын себептери жана негиздери баяндалат.

Токтомдун корутунду бөлүгүндө кайсы тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн уруксат зарыл экендиги, ал кайсы жерде жүргүзүлүшү керек экендиги, сотко чейинки өндүрүш органдары ушул тергөө аракеттеринин натыйжасында кандай далилдөө мүнөзүндөгү маалыматтарды алууга ниет кылгандыгы так көрсөтүлүүгө тийиш.

2**.** Тергөө тобу тарабынан сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө тергөө судьясынын алдында тийиштүү өтүнүчтү козгоо укугу тергөө тобунун жетекчисине гана берилген. Бирок, мындай өтүнүчтү кароодо тергөө тобунун мүчөсү (тергөөчү) катышууга укуктуу.

3. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 476-беренесинде көрсөтүлгөн адамдарга карата жазык иштери (жоруктар жөнүндө иштер) боюнча өндүрүштүн өзгөчө тартиби колдонулат жана соттук чечимдин негизинде гана жүргүзүлө турган тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 56-главасынын талаптарын эске алуу менен берилиши мүмкүн.

4. Эгерде келип түшкөн өтүнүч жазык-процесстик мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, ал аны кароого тоскоолдук кылса, анда тергөө судьясы өз каты менен өтүнүчтү аны жөнөткөн адамга кайра кайтарат. Мындай учурларда жазык-процесстик мыйзам менен тергөө аракеттерин жүргүзүүгө карата белгиленген мөөнөт өтүнүч сотко кайра келип түшкөн убактан баштап эсептелет.

5. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 260-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, өтүнүч тергөө аракеттери жүргүзүлө турган жер боюнча же аны жүргүзүү жөнүндө өтүнүч келтирген орган жайгашкан жер боюнча берилиши мүмкүн. Эгерде өтүнүч сотко караштуулук тартибин бузуу менен берилсе, анда тергөө судьясы ошол негиздемеге таянуу менен андай өтүнүчтү кароого кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат. Токтом даттанууга жатпайт.

6. Тергөө судьясы сотко келип түшкөн өтүнүч боюнча тергөөчүгө (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына) жана прокурорго өз убагында билдирүүгө багытталган зарыл чараларды көрөт.

Өтүнүч карала турган кыска мөөнөттү эске алуу менен билдирүү үчүн телефонограмма, СМС-билдирүү (ошону менен интернет мессенджерлерди), факсимилдик жана башка байланыш каражаттарын пайдалануу сунушталынат.

7. Тергөө, атайын тергөө амалдарын жүргүзүү конкреттүү жазык иштери (жоруктар жөнүндө иштер) боюнча сотко чейинки өндүрүш органдары тарабынан маалыматтар кылмыштардын жана жоруктардын Бирдиктүү реестрине киргизилген учурдан баштап жана мыйзам менен белгиленген мөөнөткө ылайык тергелген учурдан тартып (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 155-беренеси) жана иш боюнча болжолдонгон тергөө, атайын тергөө амалдарын жүргүзүүнүн алкагында белгилүү натыйжа бере тургандыгы жөнүндө далилдер, иш боюнча сот өндүрүшүнүн кызыкчылыгында конституциялык укуктарды чектөө зарылчылыгын көрсөткөн маалыматтар болгондо гана мүмкүн болот.

Ошону менен бирге, атайын тергөө амалдары кээ бир категориядагы (оор, өзгөчө оор жана өзгөчө учурда анча оор эмес) кылмыштарга таандык жазык иштери боюнча гана жүргүзүлөөрүн жана жазык сот өндүрүшүндө далилдөөгө жаткан шарттарды билүү үчүн тергөө аракеттери менен муну аныктоо мүмкүн болбогон фактылар жөнүндө маалымат алуу зарыл учурларда гана жүргүзүлөөрүн эске алуу зарыл (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 212-беренеси).

8. Тергөө судьясы тергөө аракеттерин (атайын тергөө амалдарын) жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү өтүнүч келип түшкөн учурдан тартып,24 сааттан

кечиктирбестен прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын катышуусу менен карап баштоого милдеттүү.

Кошумча материалдарды талап кылуу зарылчылыгы болгон учурда өтүнүчтү белгиленгенден ашыкча, бирок 72 сааттан ашпаган мөөнөттө кароого жол берилет (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 260-беренеси).

9. Тергөө судьялары тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүч жабык сот отурумунда каралышы мүмкүндүгүн эске алууга тийиш.

10. Соттук отурумдун башында тергөө судьясы кайсы өтүнүч карала тургандыгын жарыялап, келген адамдарга алардын укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле четтетүү жана өтүнүч билдирүү укуктарын түшүндүрүш керек. Андан кийин өтүнүч келтирген адам аны негиздеп берет, соттук отурумга келген башка адамдар да угулат, андан кийин тергөө судьясы токтом чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө чыгат (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 36-главасы).

Тергөө судьясы тарабынан кабыл алынган токтом соттук отурумда жарыялануга жатат.

Четтетүүнү чечүү боюнча тергөө судьясынын чечими Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 70-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык даттанууга жатат.

11. Бир нече тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтөр тергөөчү (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу адамы) тарабынан ар бир тергөө аракети боюнча өзүнчө түзүлөт жана тергөө судьясы тарабынан ар бир конкреттүү учур боюнча соттук актысы чыгаруу менен чечилет.

12. Тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү чечүү менен тергөө судьясы ар бир учурда өтүнүч келтирүү тартибине коюлган Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарынын сакталышын текшерүү менен бирге, өтүнүч көрсөтүлгөн тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн негиз болгон иш жүзүндөгү жагдайлардын (мисалы, турак жайга тинтүү жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү кароодо жазык ишинин материалдарында ошол турак жайда куралдар, жабдуулар же кылмыш жасоонун башка каражаттары, жазык иши үчүн мааниге ээ болгон буюмдар, документтер же баалуулуктар болушу мүмкүн экендигинин жетиштүү маалыматтар) болушун текшерүүгө милдеттүү.

13. Тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү кароонун жыйынтыгы боюнча тергөө судьясы тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берүү же жүйөлөрүн көрсөтүү менен андан баш тартуу жөнүндө

Тергөө судьясынын токтомунун корутунду бөлүгү кандай тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берилгендигин, кайсы жерде, кандай далилдерди алуу максатында жүргүзүлгөндүгүн, аны жүргүзүү мөөнөттөрүн камтууга тийиш.

Тергөө аракеттерин жүргүзүүгө уруксат берүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому токтоосуз аткарылууга жатат.

14. Менчиктеги же анда башка укуктагы турак жайды, ошондой эле башка объектилерди ал жерде жашаган адамдардын макулдугу жок кароо, тинтүү жана (же) жүргүзүү жөнүндө өтүнүчтү чечүүдө тергөө судьялары Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 5-беренесинин 11 жана 16-пункттарынын маанисине таянуу керек.

15. Имарат бөлмөсүндө же башка жерде, же болбосо адамда кылмыш куралы, предмета, документтер жана жазык иши үчүн мааниси болушу мүмкүн болгон баалуулуктар бар деп эсептөөгө жетиштүү маалыматтын болушу тинтүүнү жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат.

Иш үчүн мааниси бар аныкталган предметтерди жана документтерди алып коюу зарыл болсо, эгерде алар кимде жана кайсы жерде экендиги так белгилүү болгондо алып коюу жүргүзүлөт (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 31-беренесинин l-бөлүгүнүн 5-пункту, 205-беренеси).

16. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 30-беренесинде каралган адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын чектөө менен байланышпагандыктан, жеке тинтүү жүргүзүүгө тергөө судьясынын токтому талап кылынбайт.

17. Байланыш мекемелериндеги почта-телеграф жөнөтүүлөрүнө, бандеролдордо, посылкаларда же башка почта-телеграф жөнөтүүлөрүндө, же болбосо телеграммаларда же радиограммаларда жазык иши үчүн маанилүү болгон маалыматтар бар деп шектенүүлөрдүн жетиштүү негиздери болгондо аларга камак салынат, аларды кароо жана өзгөчө учурларда алып коюу жүргүзүлөт.

18. Банктардагы же башка насыя уюмдарындагы салымдар жана эсептер жөнүндө маалыматты камтыган буюмдарды жана документтерди алып коюу тергөө судьясынын токтомунун негизинде гана жүргүзүлөт.

19. Абонент менен абоненттик түзүлүштүн ортосундагы байланыштуу жөнүндө маалыматты алууга абонент менен абоненттик түзүлүштүн ортосундагы (колдонуу жабыдыктарынын) байланыштын күнү, убактысы, узактыгы, абоненттердин номерлери, абонентти ачыкка чыгарган башка маалыматтар, ошондой эле алып-берүүчү базалык станциялардын саны жана жайгашкан жери жөнүндө маалыматтар кирээрине тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун.

Абоненттерди ачыкка чыгаруучу башка маалыматтарга, абоненттик жабдыктын IMEl-коду же базалык станцияга карата телефон аппаратынын жайгашкан жери жөнүндө маалымат, номер катталган адамдын анкеталык маалыматтары кирет.

20. Анча оор эмес кылмыштарды табуу, болтурбоо жана ачыктоо үчүн Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 213-беренесинин 3, 10, 11-пункттарында каралган атайын тергөө аракеттери жүргүзүлүшү мүмкүн (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 212-беренесинин 5-бөлүгү).

Тергөө судьясынын атайын тергөө аракеттеринин жүргүзүү жөнүндөгү токтомунда ал аракеттерди жүргүзүү мөөнөттөрү көрсөтүлүүсү зарыл, алар күндөр менен саналат.

21. Кылмыштуу чөйрөгө киргизүү жана (же) жазык ишин окшоштуруп тууроо (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 230-беренеси), контролдонуучу жөнөтүү (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 231-беренеси), контролдук сатып алуу (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 232-беренеси) сыяктуу атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн соттук чечим талап кылынбай тургандыгына тергөө судьяларынын көңүлдөрү бурулсун, анткени аларды жүргүзүү жарандардын конституциялык укуктарын чектөө менен байланыштуу эмес.

22. Тергөө жана атайын тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанууга жатпайт.

23. Соттук акты жок кечиктирүүгө болбой турган тергөө аракеттерин (атайын тергөө амалдарын) жүргүзүү Кыргыз Республдикасынын ЖПКда каралган учурларда гана сотто мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү текшерилүүгө жатат, тактап айтканда тинтүү, алып коюу, мажбурлап кароо, менчикте же башка укукта турган турак жайга жана башка объектилерге кирүү (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 165,205,228-беренелери).

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык, тергөөчүнүн (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын) тергөө аракеттерин жүргүзүү жөнүндө чечиминин мыйзамдуулугу, ошондой эле аны жүргүзүүдө алардын ушул кодекстин ченемдерин сакташы соттук текшерүүгө жатат. Тергөө судьясы аны кечиктирбестен жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө ырастаган жагдайлар болгондугуна, андай чечим кабыл алуунун тартиби, ошондой эле жазык-процесстик мыйзамдын талаптарына ылайык тергөө аракеттерин жүргүзүү тартиби сакталгандыгына ынануусу керек. Тергөө аракеттерин жүргүзүүнү кийинкиге калтырып коюууга болбой турган өзгөчө учурларга мисалы, кылмышты (жорукту) болтурбай коюу же бөгөт коюу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу зарыл болгон кырдаалдар, тергөө аракеттерин жүргүзүүнү кечиктирүү шектүүнүн

жашырынып кетиши; кылмыштын буюмдарын же куралдарын жок кылуу же жашырып коюунун реалдуу коркунучу пайда болушу; тергөө аракеттери жүргүзүлүп жаткан жайда же башка жерде турган иш үчүн мааниге ээ болгон буюмдарды же документтерди өзүнө бекитип алышынын жетиштүү негиздер.

24. Тергөө судьясынын токтомун албастан жүргүзүлгөн тергөө жана атайын тергөө аракеттеринин мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы жөнүндө тергөө судьясынын токтому даттанууга жатпайт (Кыргыз Республикасынын ЖГЖнин 261-беренеси).

25. Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө каза болгон адамдын жакын туугандарынын, жубайынын макулдугу болбогондо, эксгумация жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга ыйгарым укуктуу. Эксгумация жүргүзүү жөнүндө өтүнүчкө тергөөчү эксгумация жүргүзүү жөнүндө каза болгон адамдын жакын туугандарын, жубайын билдирүүнү тиркеши керек (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 31-беренеси).

Жакын туугандардын аныктамасы Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 5-беренесинин 2-пунктунда каралган.

26. Экспертиза дайындоо жөнүндө процесстин катышуучусунун өтүнүчүн канааттандыруудан тергөөчү (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы) баш тарткан учурда ага арыз берген адам тергөө судьяга тийиштүү өтүнүч менен кайрылууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 172,175-беренелери). Өтүнүчкө экспертиза дайындоо, анын ичинде кайталап, комиссиялык же комплекстүү дайындоо жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруудан тергөөчүнүн (алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын) баш тартуу жөнүндөгү токтомдун көчүрмөсү тиркелүүгө тийиш. Ушундай өтүнүч менен жактоочу тараптан процесстин катышуучулары гана эмес, ошондой эле жабырлануучу. жеке айыптоочу жана алардын өкүлдөрү да кайрылууга укуктуу.

Экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүч тергөө судьясы тарабынан прокурордун, тергөөчүнүн, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жана өтүнүч берген адамдын катышуусу менен жабык соттук отурумда каралат. Соттук отурумдун орду жана убактысы жөнүндө сот тарабынан өз убагында кабар берилген процесстин катышуучулары келбеген учурда, ал жактын катышуусу тергөө судьясы тарабынан милдеттүү деп таанылган учурдан тышкары, өтүнүчтү кароого тоскоолдук кылбайт.

Тергөө судьясынын өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө токтому ал чыгарылган күндөн баштап 5 сутканын ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

27. Материалдык залалдын жана (же) моралдын зыяндын, башка мүлктүк өндүрүп алуулардын ордун толтуруу же мүлктү мүмкүн болуучу

конфискациялоо жагында өкүмдү аткарууну камсыз кылуу үчүн мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүч кылынган учурда тергөө судьялары камак коюлуп жаткан мүлктүн наркы кылмыш менен келтирилген залалга шайкеш болууга тийиш экендигин эске алышы керек. Ушуга байланыштуу судья мүлктүн наркка туура келген бөлүгүнө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоо жагында өкүмдү аткарууну камсыз кылуу үчүн мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү кароо менен тергөө судьясы камак салуу үчүн чынында эле мыйзамдуу негиздер бар экендигин, мүлк шектүүнүн менчигинде тургандыгын жана башкаларды текшерүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 123-беренесинде каралган тартипте жана шарттарда материалдык чыгымдын жана (же) моралдын зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу максатында мүлккө камак салуу жөнүндө тергөө судьясына өтүнүч кылууга жабырлануучу укуктуу. Мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчкө анын негиздүүлүгүн ырастаган иштин материалдарынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелет.

Шектүү болуп саналбаган жана мыйзам боюнча алардын аракеттери үчүн материалдык жоопкерчилик тарткан адамдардын мүлктөрүнө камак салууда өтүнүчтү канааттандыруу жөнүндө токтомдун корутунду бөлүгүндө тергөө судьясы камак салынган мүлккө ээлик кылууга, пайдаланууга, тескөөгө байланышкан чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу (соода-сатык, ижара, тартуулоо, күрөөгө коюу жана башка келишимдер) (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 123-беренеси).

Мүлккө камак салуу менчик ээсине же мүлктүн ээсине аны тескөөгө жана зарыл учурларда аны пайдаланууга тыюу салуудан, ошондой эле мүлктү алып коюудан жана сактоого өткөрүп берүүдөн турат.

28. Сотко чейинки өндүрүш органынын кызмат адамынын аракетине (аракетсиздигине), чечимдерине даттануулар кылмышка чогуу катышуу боюнча кээ бир шектүүлөргө карата жазык куугунтуктоосун кыскартуу жөнүндө токтомдордон тышкары жазык иши тийиштүү соттун өндүрүшүнө алынган убактытка чейин гана берилиши мүмкүндүгүн эске алуу керек.

Даттанууну жазыктык сот өндүрүшүнүн ар кандай катышуучусу же жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер жана кабыл алынган процесстик чечимдер менен кызыкчылыктары козголгон башка жактар, ошондой эле арыз ээсинин кызыкчылыгында аракеттенген жактоочу, мыйзамдуу өкүлү же өкүлү укуктуу. Жеке жактар, ошондой эле юридикалык жактын өкүлү арыз ээси боло алат (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 132, 262-беренеси).

Даттануу тийиштүү эмес жактан келип түшкөндө, эгерде даттануу аны берүү мөөнөтүн өткөрүү менен берилгенде бул сотто даттануу кароого

жатпай тургандыгына жана даттануу мурда ушундай эле негиздер боюнча каралган учурларда тергөө судьясы себептерин көрсөтүү менен ал боюнча өндүрүштү токтотот жана жүйөлөштүрүлгөн токтом чыгарат.

Алгачкы тергөө органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун жана соттун аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттануу ал аракеттердин натыйжалары менен таанышкан учурдан тартып, 15 сутканын ичинде берилиши мүмкүн (Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 129-беренеси).

29. Жазык-процесстик кодекси тергөөчүлөргө, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына тергөө судьясынын токтомуна карата даттануу укугун бербей тургандыгын тергөө судьялары эске алуу керек.

30. Тергөө судьясы Кыргыз Республикасынын ЖПКне ылайык, ишти маңызы боюнча чечүүдө соттук кароонун предмети болушу мүмкүн болгон маселелерди алдын ала чечпөөгө, иштеги далилдерге баа берүүгө, шектүүнүн күнөөсүнүн далилденгендиги же далилденбегендиги жөнүндө жыйынтык чыгарууга, чогулган далилдердин жол берилгендиги же жол берилбегенди жөнүндө маселени талкуулоого, тергөөгө жана тергөө иш-аракеттерин жүргүзүүгө жиберүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү бербөөгө, сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу жана көзөмөлгө алуучу прокурордун ордуна иш-аракеттерди жасабоого жана чечимдерди кабыл албоого тийиш. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 132-беренесинин 2- бөлүгүнө ылайык, тергөө судьясы токтомдордун, ошого тете прокурордун, тергөөчүнүн, тергөө органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын башка чечимдеринин жана аракеттеринин (аракетсиздиктеринин) мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет.

31. Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 5-беренесинин 55-пунктуна ылайык тергөө судьясы тарабынан чыгарылуучу чечим, аны менен чараларды кабыл алууну талап кылган иш боюнча мыйзам бузуу фактыларын аныктоого прокурордун көңүлүн бурууга укуктуу. Жеке аныктама боюнча бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен прокурор тийиштүү чараларды кабыл алууга жана анын жыйынтыктары жөнүндө тергөө судьясына билдирүүгө тийиш.

32. Эгерде сотко чейинки өндүрүш аяктап жана тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык даттануу (сунуш) келип түшкөн иш маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилсе, анда апелляциялык инстанциядагы сот даттануу (сунуш) боюнча өндүрүштү токтотот, ал жөнүндө арыз ээсине билдирилет, ошону менен бирге арыз ээсине тергөө аракеттерин жүргүзүүдө мыйзамдын талаптарынын бузулгандыгы жөнүндө анын жүйөөлөрү жазык иши боюнча соттук териштирүүнүн жүрүшүндө текшерилиши мүмкүн экендиги

түшүндүрүлөт.

33. Тергөө судьясынын токтомуна даттануулар (сунуштар) боюнча чыгарылган апелляциялык соттун чечими кассациялык тартипте даттанууга жатпайт.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун Төрайымы** **Г.У.Калиева**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Ч.И.Садырова**

***№3-тиркеме***

КР ИИМдин 11.01.2019-
жылдагы № 10 буйругуна
тиркеме

**«Кыргыз Республикасыныи ИИМдин Тергөө кызматы жөнүндө Жобо»**

1. Жалпы жобо
2. Негизги милдеттер
3. Кызматтын функциясы
4. Кызматтын укуктары
5. Кызматтын ишин уюштуруу
6. Башка бөлүктөр менен өз ара аракеттешүү
7. Кызматтын ишмердуулүгүн жана жоопкерчилигин контролдоо
8. Кызматты финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу
9. Кызматты кайра түзүү

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасыныи Ички иштер министрлигинин (мындан ары — ИИМ) Тергөө Кызматы (мындан ары - Кызмат) жазык сот өндүрүшү жана кылмьтштарды иликтөө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшү жөнүндө мыйзамын аткаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюпча Министрликтин функцияларын камсыз кылуучу жана жүзегө ашыруу чу оз алдынча түзүмдүк бөлүк болуп эсептелет.

2. Кызмат өзүнүн ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, конституциялык мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасыныи Президентинин жарлыктарын жана буюрмаларын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буюрмаларын, ИИМдин ведомстволук актыларын, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобоиу жетекмиликке алат.

3. Кызмат, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын системасында тергөөгө караштуулугу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тергөөчүлөрүнө тийиштүү болгон кылмыштар боюнча тергөө ишмердигин уюштуруу боюнча башкы бөлүктүн функциясын аткарат.

4. Кызматтын, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби чагылдырылган мөөрү, мамлекеттик жана расмий тилдеги аталыштагы жазылган бурч мөөрү (штамп) жана бланктары бар, ошондой эле белгиленген тартипте бериле турган, Кызматтын ишмердигинин өзгөчөлгүн чагылдырган ыраазычылык барагы, грамотасы, белгилери, медалдары жана символикасы болот:

## 2. Негизги милдеттери

5. Кызматка төмөндогү милдеттер жүктөлөт:

1) кылмыштарды тез жана толук иликтөө, аларды жасаган адамдарды аныктап, кылмыш жоопкерчилигиие тартуу жана жазык мыйзамарын туура колдонуу;

2) адамды жана жаранды мыйзамсыз күнөөлөөдөн жана укуктарын жана эркиндиктерин мыйзамсыз чектөөдөн коргоону камсыз кылуу;

3) жабырлануучуга материалдык залалдын жана моралдык зыяндын ордун толтуруп берүүнү камсыз кылуу боюнча чара көрүү;

4) жазык сот өндүрүшу, сунуштарды иштеп чыгуу, Кызматтын ишмердигинин негизги багытарын түзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышын уюштуруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты шике ашыруу;

5) Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тергөө бөлүктөрүнө тиешелүү кылмыштар боюнча тергөөнүн сотко чейинки өндүрүш чөйрөсүндөгү жөнгө салуучу ченемдерди жакшыртууну камсыз кылуу;

6) Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын тергөө бөлүктөрүнө тиешелүү сотко чейинки өндүрүштү толук жана обьективдүү камсыз кылуу максагында, тергөө бөлүктөрүнүн уюштуруу-методикалык ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылуу;

7) өзүнүн ыйгарым укугунун чегинде тергөө бөлүктөрүнүн ишмер'үүлүгүндөгү мыйзамдуулуктун сакталышын контролдоону жүзөгө ашыруу;

8) өзүнүн компетенциясынын чегинде сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруу, алдын алуу жана табууга байланышкан маселелер боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттешүүнү жүзөгө ашыруу;

9) Кызматтьш ишмердүүлүгүн жогорулатуу, тергөөнүн, соттордун практикасында колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жалпылоо, талдоо боюнча укуктук, уюштуруучулук жана башка чараларды иштеп чыгуу;

## 3. Кызматгыи функцнясы

6. Кызматтын милдеттерин чечүү үчүн төмөнкү негизги фукцияларды жүзөгө ашырат:

1) сотко чейинки өндүрүштүн сапатын жогорулатуу, анын өндүрүшүндөгү мыйзамдуулукту камсыз кылуу, республикадагы ИИОнун тергөө ишин уюштурууну жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана шике ашыруу;

2) Кызматтын компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча ички иштер органдарынын ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү максаттуу программаларды түзүүгө катышуу;

3) Кызматтын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, ошондой эле мыйзамдарды системалуу эсебин жүргүзүү боюнча мыйзамжаратуу мүнөздөгү сунуштарды иштеп чыгуу;

4) кызыктар болгон ИИМдин бөлүктөрү, аткаруу бийлик органдары менен биргеликте белгиленген тартипте жазык сот өндүрүшү чейрөсүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдердин долбоорун иштеп чыгуу;

5) кызматтын ишмердүүлүгүн уюштурууга тиешелүү маселелер боюнча ИИМдин түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишмердүүлүгүн координациялоо;

6) сотко чейинки өндүрүштөгү ведомстволук жана процессуалдык контролду белгиленген тартипте жүзөгө ашыруу, сот ондүрүшүнө практикалык жана методикалык көмөк көрсөтүү, өндүрүшкө контролду жана байкоону жүргүзүү;

7) тергөө ишин уюштуруу тармагында айрым кылмыштардын түрүн тергегенге заманбап усулдарды иштеп чыгаруу, ошондой эле чет өлкөлүк тажрыйбаны изилдөө, жалпылоо жана киргизүү, Кызматтын маалымат бюллетенин чыгаруу;

8) Кылмыштардын бетин ачуу жана сотко чейинки өндүрүш боюнча усулдук колдонмолорду даярдоо, сунуштамаларды иштеп чыгаруу жана жалпылоо;

9) Ички иштер органдарынын алгач текшерүү органдын (алгач текшерүүчү) ыйгарым укуктуу кызмат жактары, криминалдык коштоп жүрүүсүн жана ыкчам-иликтөө ишмердүүлүктү ишке ашыруучу, сотко чейинки ондүрүшкө прокурордук көзөмөл жана соттук контролдоочу органдар менен бирге, өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик бийликтин башка органдары менен Кызматтын аракетешүүсүн уюштуруу;

10) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерине ылайык сотко чейинки өндүрүш боюнча укуктук жардам көрсөтүү алкагында чет мамлекеттик компетенттүүоргандар менен бирге аракеттенү;

11) Ички иштер органдардын тергөөчүлөрүн материалдык-техникалык камсыздоо жүктөмдөрүнүн ченемдерин иштеп чыгаруу, штаттык санын жана тийиштүү ченемдерин, Кызматтын типтүү жоболорун жана түзүмдөрүн иштеп чыгаруу;

12) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандардын, мекемелердин, уюмдардын каттарын, арыздарын жана даттанууларын, ошондой

эле сотке чейинки ендүрүшкө байланыштуу жалпыга маалымдоо каражаттарындагы билдирүү жана жарыяларды кароону уюштуруу;

13) Кызматтын кадрлык камсыздоосун уюштуруу-башкаруучу жана укуктук ишмердүүлүгүн жакшыртуу;

14) Кызматтын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндө калкты маалымдоого укуктук үгүттөөгө аныкгалган тартипте катышуу;

15) Кыргыз Республикасынын ИИМдин укуктук ченемдик жана ведомстволук актыларына ылайык башка функцияларын аткаруу;

## 4. Кызматтын укуктары

7. Ушул Жободо көрсөтулгөн максаттарды жана функцияларды аткарууга жетишүү үчүн Кызмат төмөнку укуктарга ээ:

1) аткаруу бийликтин органдарынын тиешелүү бөлүнүштөрүнөн, мамлекеттик бийликтин органдарынан, башка мамлекеттик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коомдук бирикмелерден, уюмдардан, ушул органдардан кызмат жактардан, ошондой эле жарандардан, документтерди, маалымат жана башка материалдарды, Кызматтын ишмердүүлүгүнүн маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууга зарыл болгон учурда белгиленген тартипте талап жана сурам кылат;

2) сотко чейинки өндүрүшкө байланыштуу ыкчам-иликтөө аракеттерди өткөрүү жана кылмыштардын бетин ачуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө, дайынсыз жоголгон жактарды жана мүлктү табууга, алгач текшерүү орган дан маалыматтарды сурам кылат;

3) жазык иши боюнча өндүрүшкө байланыштуу алгач текшерүү органга атайын тергөө аракеттерди аткарууга милдеттүү кат түрүндөгү тапшырмаларды берет;

4) алгач текшерүү органга кармаганга, айдан келүүгө, чечимдерин аткарууга, ошондой эле өзүиүн талабы боюнча алгач текшерүү органдан тергөө, атайын тергөө жана башка процессуалдык аракеттерин ишке ашырганда жардам берүүгө тапшырма берет;

5) жазык сот өндүрүшүнүн күбөлөрүнүн, жабырлануучуларынын, жана башка катышуучуларынын коопсуздугун камсыздоо боюнча чараларды ишке ашырууга алгач текшерүү органга тапшырма берет;

6) Кыргыз Рсспубликасынын ИИМдин билим берүү мекемелеринин жана ички шитер органдардын берүүлөр базаларын белгиленген тартипте колдонот;

7) Кызматтын ишмердүүлүк маселелери боюнча илимий изилдөөлөрдү өткөрүүнү уюштурууга катышууга ошондой эле илимий кызматкерлерди, эксперттерди жана адистерди, анын ичинде келишимдин негизинде, тартат.

8) Кызматтын ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча белгиленген тартипте кенешмелерди, жумушчу жолутушууларды, илимий-тажрыйбалык

конференцияларды жана семинарларды, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражатгар үчүн пресс-конференцияларды брифингтерди өткөрөт;

9) Кызматтын компетенциясына тиешелүү маселелери боюнча ИИМдин жетекчилигинин макулдугу менен аткаруу, мыйзам чыгаруу бийлигинин, сот бийлигинин жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын органдары менен өз ара мамилесинде Кыргыз Республикасынын ИИМин өкүлү болот;

10) Кызматтын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери кызматтык милдеттерин аткаруу мезгилинде табелдик куралды жана атайын каражаттарды алып жүрүүгө уруксаат берилет ошондой эле айрым жана атайын тергөө аракеттерди өткөргөндө жарандык кийим менен жүрүүгө болот, тергөө-ыкчам топтун (ТЫТ) курамында нөөмөт кызматын өтөгөн учурдан сырткары;

11) Кызматтын ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча максатталган, пландалган жана пландан сырткары текшерүүлөрдү ишке ашырат, ошондой эле аймактык бөлүнүштөрдүн отчетторун угат;

12) Кыргыз Республикасынын укутстук ченемдик актыларына ылайык башка укуктарды ишке ашырат;

## 5. Кызматтын ишнн уюштуруу

8. Кызматты башчы жетектейт, аныКыргыз Республикасынын ички иштер министри Кыргыз Республикасынын Өкмөт Аппаратыньгн коргоо, укук тартип жана өзгөчө кырдаалдар болүмү менен макулдашып кызматка дайындап жана бошотот.

Кызматтын башчьтсынын эки орун басары болот, аларды Кыргыз Республикасынын ички иштер министри Кызматтын башчысынын көрсөтмөсү менен кызматка дайындайт жана бошотот.

9. Ушул Жободо алдын ала караштырылган максаттарга жана функцияларга ылайык, түзүмдүк бөлүнүштөрдүн ишмердүүлүгүнүн негизги максаттарын башчы белгилейт.

10. Кызматтын аймактык бөлүнүштөрү Кызматтын башчысына тигинен процессуалдык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ИИОнун түзүмдүк бөлүнүштөрү менен таасирлүү өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган ИИМдин ведомстволук актылары менен аныкталган тартипте баш ийет.

11. Кызматтын штаттык санын, түзүмүн жана штаттык ырааттамасын Кыргыз Республикасынын ички иштер министри бекитет.

12. ИИМ аппаратынын Кызматынын кызматкерлерин ишке кабыл алууну, дайындоону, которууну, кызматтан бошотууну жана кетирүүнү, убактылуу ээлеген кызматтан бошотууну Кызматтын башчысынын сунушу менен ички иштер министри дайындайт.

Кыргыз Республикасынын ИИМдин ТИИБнын, Бишкек ШИИББнын, Чуй ОИИББнын, областык жана Ош ш. ИИБиын, андан тышкары ШРИИБнын башчыларынын сотко чейинки өндүрүш боюнча орун басарларын дайындоону

жана кызматтан бошотууну Кызматтын жана Кыргыз Республикасынын ИИМдин Жоруктар жөнүндө иштер боюнча башкармалыгынын башчыларынын макулдашуусу боюнча Кыргыз Республикасынын ИИОнын башчыларынын сунушу менен Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин буйругу менен дайындалат.

Кыргыз Республикасынын ИИМдин ТИИБны н. Бишкек ШИИББнын жана Чуй ОИИББнын, областык жана Ош ш. ИИБнын тергөө кызматтарынын орто жана улук башчылык курамынын бөлүмчөлөрдүн башчыларын жана андан жогоруусун дайындоону, которууну, кызматтан бошотууну, кетирүүнү жана убактылуу ээлеген кызматтан бошотууну Кыргыз Республикасынын ИИОнын башчыларынын макулдашуусу боюнча Кызматтын башчысынын сунушу менен Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин буйругу менен дайындалат.

Тергөө кызматтардын тергөөчүлөрүн, улук тергөөчүлөрүн, өзгөчө маанилүү иштер боюнча улук тергөөчүлөрүн жана бөлүмчөлөрдүн башчыларынын орун басарларын дайындоону, которууну, кызматтан бошотууну, кетирүүнү жана убактылуу ээлеген кызматтан бошотууну Кыргыз Республикасынын ИИМдин ТИИБнын, Бишкек ШИИББнын жана Чүй ОИИББнын, областык жана Ош ш. ИИБнын башчыларынын буйругу менен дайындалат.

13. Бишкек ШИИББнын, Чүй ОИИББнын, областык жана Ош ш. ИИБнын ошондой эле ШОРИИБнын башчылары Кызматтын аймактык бөлүнүштөрдүн кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн уюштурууга, процесттик ишмердүүлүктөн сырткары, жеке жоопкерчиликте.

Кызматтын аймактык бөлүнүштөрдүн кызматкерлерине тартиптик жаза салуу Кыргыз Республикасынын ички иштер органдардын Тартиптик уставына ылайык ишке ашырылат, Кызматтын кызматкерлеринин процессуалдык ишмердүүлүгүнө байланыштуу бузуулардан сырткары.

13-1. Бишкек ШИИББнын жана Чүй ОИИББнын, областык жана Ош ш. ИИБнын башчыларынын сотко чейинки өндүрүш боюнча орун басарлары, ошондой эле ШОРИИБнын башчыларынын сотко чейинки өндүрүш боюнча орун басарлары Кызматтын аймактык бөлүнүштөрдүн кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн уюштурууга жеке жоопкерчиликте.

Кызматтын аймактык бөлүнүштөрдүн кызматкерлерине тартиптик жаза салуу, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдардын Тартиптик уставына ылайык ишке ашырылат.

14. Кызматтын аймактык бөлүнүштөрдүн жана ИИМдин аппаратынын кызматкерлерине эмгек өргүү берүү тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарыныи жетекчилик жана катардагы курамдын кызмат өтөө жөнүндө Жобосуна ылайык ишке ашырылат.

15. Кызматтын башчысына эмгек өргүү жана кызматтык иш сапарларына чыгууга уруксат Кыргыз Республикасынын ички иштер министри тарабынан берилет.

Кызматтын башчысынын орун басарларына эмгек өргүү жана кызматтык иш сапарларына чыгууга уруксат Кызматтын башчысы менен макулдашуусу боюнча ички иштер министринин кураторлук кылган орун басары тарабынан берилет.

16. Кызматтын кызматкерлерине карата тартипти бузууга байланышкан аракеттер боюнча кызматтык иликтөөлөр (текшерүүлөр) ИИМде аиыкталган тартиптерге ылайык жүргүзүлөт. Процессуалдык мыйзамды бузуу учурлары Кызматтын бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

17. ИИМ аппаратынын Кызматынын штаттык кызмат орундарына 5 жылдан кем эмес тергөө стажына ээ кызматкерлер дайындалат.

18. Жогорку юридикалык билими жок жарандарды Кызматтын тергөөчү кызмат орундарына дайындоого кескин турдө тыюу салынат.

19.Кызматтын ички тартиби жана иштөө режими Кыргыз Республикасыныи мыйзамдарына ылайык ички иштер министринин макулдашуусу менен Кызматтын башчысы тарабынан бекитилет.

20. Иш жүгүртүү жана купуялуулук режими боюнча иш-чаралар ИИМ тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

21.Тергөө бөлүмдөрүнүн ишмердигиндеги маанилүү маселелерди кароо үчүн иш тартиби жана персоналдык курамы Кызматтын башчысынын буйругу менен бекитилген ыкчам кеңешмелер еткөрүлөт.

22. Белгиленген тартипте иш топторун жана комиссияларды, кеңештерди жана анын ичинде Кыргыз Республикасыныи ички иштер органдарынын болүмдөрүнүн, мекемелеринин жана органдарынын, мамлекеттик бийликтин башка органдарынын өкүлдөрү катышкан кеңешмелерди түзүү.

23. Ички иштер органдарынын башка кызматтарынын жетекчилерине жана кызматкерлерине процессуалдык чечимдер кабыл алынган жана тергөөчүлөрдүн кароосундагы кылмыш иштерин талап кылууга жана текшерүүгө, алардын процессуалдык ишмердигине кийлигишүүгө тыюу салынат.

24. Кызматтын ишмердиги кызматтын ишмердигинин маселелерин чечүүнү пландоодо, айкалыштырууда жана бир башчылыкта, аларды талкуулоодо коллегиялуулугунун, ар бир кызматкердин жана анын жетекчилеринин функционалдык милдеттерин аткаруусу жана айрым тапшырмаларды аткаруусу үчүн жеке жоопкерчилигинин негизинде уюштурулат.

**25. Кызматтын башчысы:**

1) Кызматтын ишмердигин жетектейт жана Кызматка жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын тийиштүү түрдө аткарылуусуна жеке жоопкерчилик алып жүрөт;

2) орун басарлардын функционалдык милдеттерин бөлүштүрөт, алардын аткарылуусун көзөмөлдөйт

3) Кызматтын ишинин планын, анын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ИИМ аппаратынын Кызматынын кызматкерлеринин функционалдык милдеттери жөнүндө жоболорду бекитет;

4) компетенциясынын чегинде Кызматтын борбордук түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана аймактык бөлүмдөрүнө аткарууга милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;

5) Кызматтын кызматкерлерин кызматтык иш сапарларга белгиленген тартипте жиберет;

6) кадрларды тандоо, жайгаштыруу, которуу жана профессоналдык даярдоону, Кызматтын өздүк курамынын тарбиялоону, алардын кызматтык тартипти сактоосун уюштурат жана камсыз кылат;

7) кызматкерлерди белгиленген тартипте кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга жөнөтөт. Кызматтын кызматкерлеринин аттестациясын уюштурат;

8) Кыргыз Республикасынын ички иштер министрине ИИМ аппаратынын Кызматынын кызматкерлерине атайын паамды берүү жөнүндө супуштарды кураторлук кылган ички иштер министринин орун басарынын макулдашуусу боюнча киргизет;

9) Кыргыз Республикасынын ички иштер министрине ИИМ аппаратынын Кызматынын кызматкерлерине ведомстволук сыйлыктарды берүү, ошондой эле сыйлоо же тартиптик жаза берүү сунуштарын кураторлук кылган ички иштер ммнистринин орун басарынын макулдашуусу боюнча киргизет;

10) Кыргыз Республикасынын ички иштер министрине ИИМ аппаратынын Кызматынын штаттык саны, түзүмү жана штаттык жүгүртмөсү боюнча супуштарды кураторлук кылган ички иштер ммнистринин орун басарынын макулдашуусу боюнча киргизет;

11) ИИМ аппаратынын Кызматынын кызматкерлерине эмгек өргүүлөрүн берет;

12) Министрликтин жетекчилигине, ИИМдин бөлүмдөрүнүн жетекчилерине белгиленген тартипте Кызматка көмөк көрсөткөн жарандарды сыйлоо жөнүндө сунуштарды киргизет;

13) башка маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын ИИМдин ведомсгволук актыларына ылайык чечим кабыл алат жана Кызматтын кызматкерлеринин ички иштер органдарында кызмат өтөөсүнө байланышкан милдеттерди аткарат.

Кызматтын башчысы ордунда жок болгон учурда анын функционалдык милдеттери Кызматтын башчысынын орун басарларына жүктөлөт.

## 6. Башка бөлүмдөр менен өз ара аракеттешүү

26. Кызмат ишмердигин Кыргыз Республикасынын ИИО бөлүмдөрү жана башка укук коргоо органдары, мамлексттик органдар, коомдук бирикмелер жана

уюмдар, ошондой эле чет мамлекеттердин укук коргоо органдары жана эл аралык уюмдар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тыгыз байланышта жүргүзөт.

26.1. Өз ара кызматташууну жүргүзүүнүн негизги принциптери төмөнкүлөрдөн түзүлөт:

- тергөөчүлөрдүн ички иштер органдарынын башка Кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн кызматкерлери менен колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын сактоо менен кылмыштардын алдын алуу, бетин ачуу, иликтөө жана профилактиканы аткаруу боюнча биргелешкен ишмердигинен;

- окуя болгон жерде тергөөчүнүн уюштуруучу жана жетектөөчү ролунан, жазык-процессуалдык мыйзамдардын ченемдеринин талаптарына ылайык соттук чечимди (токтомду) алуу каралган учурлардан сырткары кечиктирилгис жана атайын тергөө иштерин жүргүзүүдө жана процессуалдык чечимдерди кабыл алууда өз алдынчалуулугунан;

- ыкчам кызматкерлердин Кыргыз Республикасынын “Ыкчам-издөө ишмердиги жөнүндө” мыйзамынын чегинде ыкчам-издөө ишмердигинин каражаттарын жана ыкмаларын тандоодо өз алдынчалуулугунан;

- кечиктирилгис жана атайын тергөө иштерин пландоо жана өткөрүүдө, процессуалдык чечимдерди кабыл алуу жана ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзүүдө макулдашуусунан;

- кылмыштардын алдын алуу, бетин ачуу, иликтөө жана (профилактикасында) жана башка криминалдык техниканын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуудан;

## 7. Кызматтын ишмердигин жана жоопкерчилигин контролдоо

27. Кызматтьн ишмердигин контролдоону Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин кураторлук кылган орун басары жүргүзөт. Кызматтын процессуалдык ишмердигин көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары тарабынан мыйзамда берилген ыйгарым укуктарынын чегинде жүргүзүлөт.

28. Кызматтын кызматкерлеринин укукка каршы аракеттери жана аракетсиздиги үчүн Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын ведомстволук актыларынын негизинде жоопкерчиликке тартылат.

## 8. Кызматты, финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

29. Кызматты финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу, республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынбаган башка булактардан, муну менен бирге

эл аралык уюмдардын гранттарынан, донордук жардамдардын жана белгиленген тартипте чет мамлекеттердин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

30. Кызматтын имараты, курулмалары, жабдыктары, мүлк-шаймандары, башка материалдык баалуулуктары жана каражаттары жана анын аймактык башкармалыктары жана бөлүмдөрү мамлекеттии жеке менчиги болуп саналат.

## 9. Кызматты кайра түзүү

31. Кызматты кайра түзүү Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзам тартибинде жүзөгө ашырылат.

32. Кызмат, бөлүктөрдү түзүү жана кайра түзүү боюнча зарыл болгон учурларда сунушту Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрине киргизет.